| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |

## СВЕДЕНИЯ О ТРАНСФОРМАТОРНЫХ ПОДСТАНЦИЯХ

| XI | № подстанции, наименование строения, корпуса | Год ввода в эксплуатацию | Тип трансформатора | Кол-во трансформаторов шт. | Мощность, кВА | | Напряжение, высш./ низш., кВ | Примечание |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | одного | всех | | |
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| | КТП-160кВа | | ТМ-160 | 1 | 160 | 160 | 6/0,4 | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |

№16 Ж. Турусбеков атындагы жалпы билим берүүчү мектеби

мекемесинин

УСТАВЫ

# 2. Жалпы жоболор.

**2.1.** №16Ж.Турусбеков атындагы жалпы билим беруучу мектеби мекемеси( мындан ары мекеме) Кыргыз Республикасынын ченемдик актыларына ылайык билим беруу мекемеси катары мындан ары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын,ченемдик актыларына жана ушул Уставдын негизинде ишмердуулугун жургузот.

**2.2.** №16 Ж. Турусбеков атындагы жалпы билим беруучу мектеби мекемесинин иар бир жарандын милдеттуу жана акысыз баштапкы жана негизги билим алуусун, мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын чегинде жана айрым жарандарын жөндөмүнө, чыгармачылык мүмкүнчүлүгүнө жараша сапаттуу билим алуусун иш жүзүнө ашыруучу билим берүү мекемеси болуп эсептелинет.

1.3 Мекеме юридикалык жак катары гербдүү, мөөргө, штампка ээ болот.

1.4 Мекеменин Уставы Жалал-Абад област тык юститция башкармасы тарабынан мамлекеттик каттоодон өткөндөн кийин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ченемдик актыларына ылайык юридикалык укукка ээ болот.

1.5 Мекеменин ары окуу тарбия процессин уюштурууда, ишмердүүлуктөрүн жүргүзүүдө жалпы билим берүүчү мекеме катары " Билим берүү" жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамын жана област тык юстиция башкармасы тарабынан каттоодон өткөн ушул уставды жетекчиликке алат.

1.6 Мекеменин уюштуруучусу болуп " Ноокен райондук билим беүү бөлүмү" мекемеси саналат каттоо номуру 119758-3303-М-е, идентификациалык номуру 02905199210059, ИУЖК коду 02169714, юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад обл, Ноокен р.ну, Масы а, Токтогул кочосу 4.

1.7 Мекеменин Мамлекеттик тилде толук аталышы: №16 Жусуп Турусбеков атындагы жалпы билим беүүчү мектеби мекемеси.

1.8. Расмий тилде Учреждниение Общеобразовательная школа №16 имени Жусупа Турусбекова.

1.9 Уюштуруу формасы: Мекеме

1.10 Менчиги – Муниципиалдык.

Юридикалык жактан жайгашкан дареги: Кыргыз Республикасы,Жалал-Абад облусу, Ноокен району, Коммунизм айылы.

## 11. № 16 МЕКТЕБИНИН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Максаттары:

2.1 Мектеп - узгултуксуз билим беруунун звеносу болуп саналган жалпы орто билим берүүчү мектептин түрлөрүн бири. Мектептин негизги милдеттери окуутунун жекелетүү жана дифференциялоо принциптерин жүзөөгө ашыруу окуудагы башкалардан жөндөмдүү жана шыктуу балдарды, алардын тереңтедип окуусу үчүн сабактарды өз алдынча тандап алуу учурунда ар тараптан билим алышы максатында аныктоо, сабактардын ар түрдүү формаларын жана ар кандай багыттагы сабактан тышкаркы иштер аркылуу алардын окууга чыгармачылык мамилесин калыптандыруу болуп саналат.

2.2 Мектеп жашындагы жарандардын акыл эс, нравалык жактан өнүгүүсү сезимтал жана дене-түзүлүшүн чың болуусун камсыз кылуу.

2.3 Аң-сезимдүү жарандык позицияга болгон, демократиялык өзүн-өзү башкарууга катышуучу, турмушка эмгекке даяр жарандарды тарбиялоо.
2.4 Окуу –тарбия процессин мезгил талабына жараша уюштуруу, ар кыл окуучулардын билимге болгон кызыгуусун, чыгармачылык мамилесин калыптандыруу, окуучуларга кесиптик багыт берүү.

Милдеттери:
2.5 Билим берүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жалпыга милдеттүү акысыз баштапкы билим берүүнү турмушка ашыруу.

2.6 Жалпыга милдеттүү негизги билимди ишке ашыруу үчүн билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана окуучулардын кызуугуларын, жөндөмдүлуктөрүн өнүктүрүү үчүн максималдуу шарттарды түзүү.

## 3. ОКУУ-ТАРБИЯ ПРОЦЕССИН СТРУКТУРАСЫ ЖАНА УЮШТУРУЛУШУ.

3.1 1.3 Мекеме мамлекеттик стандарттагы билим берүүнү турмушка ашыруу менен төмөндөгүдөй 3 баскычты камтыйт.

IV. Баскыч ( башталгыч билим)-1-4-класстар,
V. Баскыч ( негизги билим)- 5-9-класстар,
VI. Баскыч (орто билим) - 10-11-класстар.
1-баскычта-окуучулар окуу ишмердүүлүгүн зарылдыктарын жана көндүмдөрүн алышып, окуй алууга, жазууга, саноого үйрөнүшүп, теориялык ой жүгүртүүнүн элементтерине, сүйлөөнүн жана жүрүм-турум маданиятына, жеке гигиенанын негиздерине ээ болушат.

II. 2 Мекемеде окуу процесстери кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлөт.
6.3 Мекемеде ( тереңдетилген предметтер, тандоо курстары) тереңдетип окулат.
6.4 Мектеп окуучуларын контингентин мектеп жайгашкан аймактагы жергиликтүү бийликтери менен биргеликте эсепке алынган мектеп жашындагы окуучулардын саны түзөт. 1-класска кабыл алуу, окуучулардын окуп болгон даярдыгы эске алуу менен 6-7 жаштан жүргүзүлөт.
6.5 Окуучулар 1-жана 2-баскычты бүткөндөн кийин, кийинки баскычка кирүү экзамендерин. Ал эми3-баскычты бүткөндөн кийин педагогикалык кеңеште белгиленген сабактар боюнча бүтүрүү экзамендерин тапшырышат.
6.6 Мектеп окуучуларын толукталышы билим берүү жана илим министирлиги бекиткен ченемдик актыларына ылайык төмөндөгүдөй тартипте жүргүзүлөт:
1-4-класстарда 30 окуучуга чейин;
5-9-класстарда 30 окуучуга чейин;
10-11-класстарда 25 окуучуга чейин;
3.7 Мекемеде 1-сентябрда башталат,25-майда бүтөт. Окуу жылы ичиндеги каникулдардын мөөнөтү календардык 30 күндөн, 8жумадан кем болбойт.
Мөөнөттөрү төмөнкүдөй:
-күзгү каникул -8күн (1-ноябрда башталат);
-кышкы каникул 10 күн (21-декабрда );
-жазгы каникул - 10 күн (22-марттан башталат);
3.8 Мекемеде окуу сабактары жүрүп жатканда окуучуларды айыл чарба жумушуна тартылууга уруксат берилбейт.
3.9 Мекемеде сабактардын узактыгы төмөнкудөй: 1-класс үчүн 40минут;2-11-класстар үчүн 45 минут. Мектеп администрациясына өз алдынча сабактардын узактыгын өзгөртүүгө уруксат берилбейт.

3.10 Мекеме 9-класстын ийгиликтүү аякташкан окуучуларга толук эмес орто билими жөнүндөгү күбөлүк,11-классты ийгиликтуү аякташкан бүтүрүүчүлөргө орто билими туралуу аттестат берилет.
3.11Мекеме 9-11 класстарынын эң жакшы бааларга окуп аякташкан бүтүрүүчүлөргө Билим берүү жана илим министирлиги бекиткен атайын жобого ылайык билими тууралуу артыкчылык документтери жана грамоталары берилет.
3.12 Мекеме окуу процессин жүргүзүүдө билим берүү жана илим Министирлиги бекиткен окуу планын түздөн түз жетекчиликке алат.
Окуу планындагы Республикадагы компонентеги сааттар

Мектепте милдеттүү түрдө аткаруулуга тийиш жана өзгөртүүгө жатпайт. Окуу планы райондук билим берүү бөлүмү тарабынан бекитилген.

3.13 Мектептин компенентине бөлүнгөн сааттарга акы төлөө Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 1998-жылдын 30-сентябрындагы № 404 токтомунда көрсөтүлгөн ийримдерин уюштурууга лекцияларды окууга ажыратылган ставкалар боюнча жүргүзүлөт.

3.14 М екеменин окуу планында көрсөтүлгөн предметтеринин мазмундары мамлекеттик билим берүү стандартты тарабынан белгиленген. Алар негизги жана орто билим программаларынын мазмунунун милдетүү минимунун , окуп жаткандардын окуу жуктөмүнүн максималдуу көлөмүн, бүтүрүүчүнүн даярдоонун деңгээлине карата талаптарды, окуп жаткандардын белгилүү бир билим берүү программаларын өздөштүргөнүн ырастаган документтердин формаларын аныктайт.

**Стандарттагы окуу программалары жалпы билим берүүчү мектеп милдетүү болуп эсептелет.**

**3.15** Мекеме Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигинин “ Жалпы билим берүүчү мектептерди мамлекетти,аттестациядан өткөрүү” жөнүндөгү атайын бекитилген жобосуна ылайык 5жалпы бир аттестациядан өткөрүлөт. Аттестациялоо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлигинин алдындагы билим берүү мекемелерин лицензиялоо жана аттестациялоо боюнча мамлекеттик инспекциясы жана шаардык билим берүү башкармалыгы тарабынан жүргүзүлөт.

Мекеменин билим берүү жана илим министилиги бекиткен. “ Мектептерде окуучуларга экстерант формасында билим берүү” жөнүндөгү жобосунун негизинде экстерант түрүндө билим берилет. Экстерант формасында билим берүү окуучулардын жана алардын ата-энелерин каалоолору аркылуу гана жүргүзүлөт.

**3.Мектептеги окуу процессине катышуучулар.**

Мекеме окуу-тарбиялоо процессине түздөн түз катышуучуларды бөлүп мектептин окуучулары, алардын ата-энелери жана аларды окуткан мугалимдер болуп саналат.

**<u>Окуучулардын милдеттери:</u>**

-Кыргыз Республикасынын Конституциясынын мамлекеттик символдору билүүгө урматтого:

- Окуучулардын абийир кодексин милдеттүү түрдө аткаруу менен Уставда көрсөтүлгөн окуучулар үчүн бирдиктүү талаптарды аткарууга жана урматтоого:

- Сабактарды калтырбоого жана кечикпөөгө:

-Мектептин кадыр-баркын көтөрүү максатында бардык коомдук иштерде активдүү катышууга:

- Коомдук жерлерде, мектепте өзүн маданияттуу алып жүрүүгө:

-өзүнүн ден –соолугу жөнүндө камкордук көрүүгө жана мектептин тазалыгын сактоого:

-Мектептин мугалимдеринин айтканын аткарууга жана аларды урматтоого:

-Мектеп формасын ( ак көйнөк, кара шым. Балдар үчүн ак көйнөк кара юбка кыздар үчүн) сактоого:

-Диний экстремисттик агымдарга катышпоого:

Мектеп жашындагы окуучулар мечиттерге, намаз жумаларга, даабаттарга катышпоого:

-Окуучулар мектепте баш кийимсиз жүрүүгө милдеттүү.

**-Окуучулардын укуктары:**

**-Мектептин** бардык баскычтарына ( 1,2,3) акысыз билим алууга:

Окуутунун түрдүү формаларында пайдаланууга( күндүзгү, экстерант): өздөштүүрүнүн каалоолору жана ата-энелеринин макулдугун негизинде кошумча билим берүү (акы төлөнүүчү) кызматтарынан пайдаланууга:

-Мектептин китеп канасынан окуу жана көркөм адабияттарды алып пайдаланууга:

-Класстагы окуучулардын башкаруу органдарын шайланууга жана аларды шайлоого:

-Окуу-тарбия иштерин жакшыртуу боюнча сунуш-пикирлерин айтууга:

- Класстан тышкаркы иштерге активдүү катышууга, каалоосу боюнча мектептин айланасын жашылдандырууга:

-Өзүнүн же ата-энелеринин каалоосу боюнча башка мектепке окуу үчүн которууга.

**Мугалимдердин милдеттери:**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясын мамлекеттик символдорун урматтоого жана билүүгө:
- Мекеменин Уставынын талаптарын аткарууга жана урматтоого:
- -Окуучулардын мамлекеттик билим берүү программаларын өздөштүрүүсүн камсыз кылууга:
- Окуп жаткандардын өз алдынча болуусун аяр мамиле жсоо өнүктүрүүгө, жүрүм-турумун көзөмөлдөөгө:
- Өзүнун кесиптик деңгээлин дайыма өркүндөөтүүгө жана квалификациясынын кеминде 5жылда жогорулатууга:
- Окуп жаткандарга карата күч жана моралдык зомбулук көрсөтүү усулдарын колдонбоого:
- Өзүнө бекитилген класстагы мугалимдер, ата-энелер менен тыгыз байланышта болууга, окуучулардын терң билим алуусун, эмгекти сүйүүгө, маданияттуу жүрүм-турмга ээ болуусуна өз салымын кошууга.
- Өз балдарын окуу куралдар менен камсыз кылууга.

**Ата энелердин укуктары:**

1.Окуутунун формасын турун тандап алууга:
**2.** Мамлекеттик билим берүү стандартынын алкагында окуп жаткандарды билим алууга, укугун сактоону талап кылууга:
**3.** Ата-энелердин класстык жана мектептик чогулуштарында, педагогикалык кңешмелерди окуу-тарбия иштеринин жакшыртуу багыттарында жекече сунуштарды, пикирлерди айтууга:
**4.** Мектептин материалдык жана моралдык жактан коргоо максатында демөөрчүлүк жардамдарды берүүгө жана максаттуу жардамдарды уюштурууга.

## 4 МЕКТЕП БАШКАРУУСУ

5.1 Мектепти башкаруу Кыргыз Республикасынын “ Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын, жана ушул Уставдын негизинде жүргүзүлөт.
5.2 Мекеме окуу-тарбия иштерин жүргүзүүдө билим берүү бөлүмүнүн, шаардык билим берүү башкармасынын, Билим берүү жана илим министирлигинин буйруктарын, көрсөтмөлөрүн милдеттүү түрдө аткарат жана жетекчиликке алат.
5.3 Мекеменин директору мектепке түздөн-түз жетекчилик кылуу менен бирге төмөнкүлөргө укуктуу:
-Окуу-тарбия иштерин пландаштырат, уюштурат жана алардын аткарылышын көзөмөлдөйт:
-Эмгек кодексинин негизинде мугалимдерди жана тейлөөчү кызматкерлерди жумушка алат жана бошотот:
-Билим берүү башкармасыннын орун басарларын жана материалдык-чарба иштери боюнча жоопкерчиликтүү башчысын сунуштайт, алардын функционалдык милдеттерин аныктайт, иштерин көзөмөлдөйт:
- Жалпы мугалимдер жана окуучулар үчүн буйруктарды чыгарат көрсөтмөлөрдү берет:
-Педагогикалык кеңешменин ишин жетектейт, методикалык бирикмелердин жетекчилердин, педагогикалык Кеңешменин катчысын дайындайт:
-Мугалимдерге окуу жүктөмдөрүн баштапкы профсоюз комитети менен кулдашып бөлүштүрөт:
-Мектептин окуу-тарбия иштерин жакшыртуу жана материалдык техникалык базасын чыңдоо максатында жана көйгөйлүү маселелерди чечүү үчүн тийиштүү инстацияларга кайрылат.
5.4 Мекеменин директору өзүнүн кызматтык милдетинин аткарылышы боюнча отчётун жалпы педагогдордун катышуусу менен баштапкы профсоюз уюмунун өндүрүштүк чогулушун 2жолу берет.
5.5 Мекеменин директору ата-энелердин, коомчулуктун, жана өзүнөн жогорку турган жетекчи органдардын алдында Уставдын талаптарынын жана кызматтык милдеттеринин аткарылышы боюнча жекече жооп берет.
5.6. Юридикалык жактан өзүн-өзү башкаруучу жогорку органы конференция болуп саналат. Ал жылына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт.
5.7. Конференцияга делегаттар, мектептин кызматкерлеринин жааматтарынын окуучулардын, ата-энелердин коомдук уюмдарынын чогулуштары менен айланат. Кеңеш жалпы билим берүүчү орто мектептин окуу-тарбия иштерин жакшыртуусу структурасын жана негиздерин аныктоо багыттарында иш жүргүзүлөт.

## 6 МЕКТЕПТИН МҮЛКҮ ӨНДҮРҮШТҮК ЖАНА ЧАРБАЛЫК ИШТЕРИ.

6.1Мектептин мүлктөрү жана окутуунун техникалык каражаттары мектептин менчиги болуп эсептелет. Аларды сактоо, ремонт иштерин мекеменин жоопкерчилик мектьепке жүктөлөт.
6.2 Мекеменин окуу планы толук түрдүү Мамлекет тарабынан каржыланат жана мугалимдердин айлык акылары окуучулардын ар бирине класс комплексине жана тобуна эсептелген типтүү ченемдердин негизинде, ар бир окуучуга иш жүзүнө жумшалуучү чыгымдарды ыраттуу көбөйтүү аркылуу зүзөөгө ашырылат.
6.3 Мекеме Ноокен райондук билим берүү бөлүмү мекемеси менен жумшалган жекече шарттык расписаниеге ээ. Мектепке ар бир класска мугалимдерди, клубтарды, студияларды, бирикмелерди уюштуруу жана айрым акцияларды окууту үчүн кошумча ставкалар бөлүнөт.

**Республикалык жана жергиликтүү бюджет;**

Уюштуруучунун, жеке юридикалык жактардан, чет мамлекеттердин жана башка жарандардын каражаттары жана ыктыярдуу соопчулук, максатуу төгүмдөрүнүн каражаттары;
Чарбалык-өндүрүштүк жана соода түйүндөрун ачуу, өздук чарба түзүү, юридикалык укукка ээ болгон чакан иш кана түзүү;
Акы төлөөчү кошумча билим берүү кызматтарын уюштуруу;
Билим берүү колдоочу фондордду түзүү;
Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына карама-каршы келбеген жана башка булактары.

## 7 .№2 МЕКТЕБИНИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КАЙРА УЮШТУРУУ ЖАНА ЖОЮУ.

7.1 Мектептин ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте кайра уюшулат же жоюлат.
7.2 Мектепти кайра уюштуруу же жоюу иштери окуу жылынын аягында жүзөөгө ашырылат. Мындай учурда уюштуруучу тарабынан окуучуларды ата-энесинин макулдугу боюнча башка мектептерге жайгаштыруу жоопкерчилигин өзүнө алат, жана Ноокен райондук билим берүү бөлүмү мекемесинин чечими менен жүзөөгө ашырылат. Мектеп билим берүү ишмердүүлүгү токтотулган мезгилде материалдык техникалык базасы мүлкүн өткөрүп берүү актыларынын негизинде уюштуруучунун чечими боюнча башка мекемелерге өткөрүлүп берилет.

**Директор:** **Абдыкулова Жанаргул Абдираимовна**

*№16 Ж.Турусбеков атындагы орто мектеби*

## *ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРУУЧУ УЮМДУН УСУЛДУК БИРИКМЕСИ*

# *ЖОНУНДО ЖОБО*

# ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ УЮМДУН УСУЛДУК БИРИКМЕСИНИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО.

**1.Жалпы жоболор.**

1.1 Усулдук бирикме жалпы билим берүүчү уюмдун кызматынын мугалимдерди билим берүү тармагы,тарбия иштеринин түрлөрү боюнча бириктирүүчү түзүмдүк бөлүгү саналат.

1.2 Усулдук бирикме бир (бир нече)билим беруу тармагына (Кыргыз Республикасынынжалпы орто билим берүү боюнча алкактык улуттук куррикулумунда сунушталган билим берүү тармактарына)караштуу предметтерден сабак берүүчү үчтөн кем эмес мугалим бар болгондо түзүлөт.

*Тилдер (мамлекеттик,расмий,эне тили,өзбек ,таджик)жана чет тилдери.

*Социалдык (тарых,жаран таануу,адеп,экономика...)

*Математикалык (математика,алгебра,геометрия...)

*Табигый-илим (химия,биология,физика,география,астрономия...)

*Технологиялык (эмгек,чийме жана жасалга,компьютердик сабак..)

*Ден соолук маданияты (дене тарбия,сергек жашоо мунозу,коопсуз жашоо ишмердигинин негиздери,биология (киши)..)

*Көркөм өнөр (адабият,музыка,көркөм сүрөт чыгармачылыгы,дүйнөлүк көркөм маданият(ДКМ))

Башталгыч класстар.

Усулдук бирикмеге иш тажрыйбасы бай,чыгармачыл мугалим (класс жетекчиси)башчылык кыла алат.

1.3 Иштин негизги багыттарын мазмунун,формаларын жана усулдарын усулдук бирикменин мүчөлөрү билим берүүчү уюмдун усулдук кеңеши бекитет.

1.4 Билим берүүчү уюмдарда тарбиячылардын,класс жетекчилердинж.у.с.да усулдук бирикмелери түзүлүшү мүмкүн.

1.5 Усулдук бирикмелердин саны,мүчөлөрүнүн саны билим берүүчү уюму аткармакчы болгон милдеттерди чечүү зарылдыгына жараша аныкталат да,педогогикалык кеңештин чечими менен белгиленет жана билим берүүчу уюмунун директорунун буйругу менен бекитилет.

1.6 Усулдук бирикменин курамына кирген мугалимдер окуучулар тийиштүү билим берүү тармагындагы (тармактарындагы)предметтер боюнча даярдайт.

1.7 Усулдук бирикмелер билим берүүчү уюмунун директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарынын (илимий-усулдук иштер (ИУИ)боюнча орунбасарынын көрсөтүүсү менен директордун буйругуна ылайык түзүлөт,кайра уюштурулатжана жоюлат.

1.8 Усулдук бирикмелер директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарына (илимий-усулдук иштер ИУИ боюнча орун басары )түздөн-түз баш ийишет.

1.9 Усулдук бирикмелер ишмердигинде Кыргыз Республикасынын Конституциясынын билим берүүтармагына тиешелүүмыйзамдарынжана ченемдик-укуктук актыларын жетекчиликке алышат.

2. Мектептин усулдук бирикмесинин максаттары.

2.1 Мугалимдердин кесиптик камылгасын жана кесиптик чеберчилигин арттыруу,ошондой эле жаш мугалимдердин кесиптик өсүшүнө колдоо көрсөтүү (насаатчылык кылуу)

2.2 Предметтер билим берүү тармактары боюнча окутуу сапатына,максаттарына жана натыйжаларына карата бирдиктүү талаптарды камсыздоо.

2.3 Бирдиктүү билим берүү,тарбиялоо,инсанды жетилтүү жана калыптандыруу чөйрөсүн камсыздоо чыгармачыл иштөөгө шарт түзүү.

2.4 Мугалимдердин педагогикалык ишмердигинин натыйжалуулугун баалоо.

**3 Мектептин усулдук бирикменин милдеттери.**

3.1 Билим берүү маселелери боюнча ченемдик жана усулдук документтерди иликтөө,мектеп деңгээлиндеги ченемдик документтерди (нускамаларды,жоболорду,келишимдерди)иштеп чыгуу.

3.2 Мектеп компонентин тандоого жана түзүүгө катышуу.

3.3 Сабак берүүнүн түрдүүлүгүн жана ар кыл деңгээлдүүлүгүн эске алып предмет боюнча автордук окуу китептердин мазмунун иргөө жана түзүп чыгуу.

3.4 Мугалимдердин жекече иш пландарын бекитүү,автордук программаларды жана усулдарды талдоо.

3.5 Көчүү класстарында жыйынтык текшерүү жол-жобосу үчүн аттестациялык материалдарды,бүтүрүү класстарында жыйынтоочу аттестация өткөрүү учун (оозеки экзамендер үчүн)аттестациялык материалды бекитүү.

3.6 Предметтин окутулуш абалына талдоо жүргүзүү.

3.7 Тийиштүү тематика боюнча бири-биринин сабагына катышууну уюштуруу,жетишилгеннатыйжаларды ар ким жана өзү талдоо.

3.8 Предмет боюнча ар кайсы авторлордун иштелмелери менен таанышуу,предметтен сабак берүү усулдарын талдоо.

3.9 Предмет боюнча усулдук иштелмелер менен таанышуу максатында белгилүү тема боюнча ачык сабактарды уюштуруу.

3.10 Алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны иликтөө, жалпылоо жана жайылтуу.

3.11 Предмет боюнча эксприменттик иш жүргүзүү

3.12 Предмет боюнча билим берүү стандарттарынын негизинде программанын өздөштүрүлүшүнө баа берүүнүн бирдиктүү талаптарын иштеп чыгуу.

3.13 Окуучуларды аралык жыйынтыктоочу (тематикалык,семестрлик зачеттук ж.б.у.с)аттестациялаа тутумун иштеп чыгуу.

3.14 Билим берүүчү уюмунда предметтик жумалыктарды (он кундуктөрдү)уюштуруп өткөрүү,предметтик олимпиадалардын,сынактардын,кароолордун биринчи баскычын уюштуруп өткөрүү.

3.15 Окуучулар менен предмет боюнча класстан тышкаркы иштерди (факултативдик)курстарды,ийримдерди ж.б.у.с.)уюштуруу.

3.16 Окуу кабинетине,сабактын жабдылышына коюлуучу заманбап талаптарга ылайык предмет боюнча окутуу кражаттарын уюштуруу.

3.17 УБнин жаш мугалимдер менен иштешүү

3.18 Мугалимдердин өз алдынча кесиптик билим алуусу,кесиптик чеберчилигин жогрулатуу курстарындагы иши жөнүндө отчет берүү,чыгармачыл иш сапарлары жөнүндө отчетторун угуу

**4 Мектептеги усулдук бирикменин аткарган кызматтары**

4.1 Мектептеги иш планын усулдук темасын,райондук (шаардык)усулдук кабинеттердин сунуштарын чагылдыруучу усулдук бирикменин ишин пландоо

4.2 Отурумдарды өткөрүү

4.3 Семинардык сабактарды,тренингдерди,ачык сабактарды ж.б.у.с. откоруу аркылуу мектептеги кесиптик чеберчиликти жогорулатуу тутумун уюштуруу

4.4 УБ предметтери боюнча класстан тышкаркы иштерди даярдоо.

4.5 Усулдук бирикменин ар бир мучосун эмгекке катышуу коэффициентин (ЭКК-КТУ) аныктоо учун комиссия тузуу

**5 Усулдук бирикменин ишин уюштуруу.**

5.1 Мугалимдердин усулдук бирикмесин оз ишин уюштуруу учун жетекчи шайлоо

5.2 Усулдук бирикменин ишмердиги мектеп планына ылайык жузого ашырылуучу пландоонун педагогикалык жамааттыкн иштен чыгуусуна кабыл алынган усулдук теманын райондук (шаардык) усулдук кабинеттердин нускоолорунун негизинде уюштурулат. Пландоо процессинде мугалимдердин оз алдынча кесиптик билим алуу пландары эске алынат.

5.3 Бирикменин иш планын мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары окуу жылынын башталышында бекитет.
5.4 Мугалимдердин усулдук бирикмеси белгилуу жана берилген тематика боюнча семинардык сабактарды,сабактар турмогун уюштура алат.

5.5 Окуу жылы боюу мугалимдердин усулдук бирикмесинин 4тон кем эмес отуруму откорулот,усулдук бирикменин отурумдарында протоколдор жургузулот.

5.6 Окуу жыл боюу тематикалык ачы сабактарды жана класстан тышкаркы иш-чараларды уюштуруу менен коштолгон бирден кем эмем практикалык семинар откорулот.

5.7 Окуу жылынын аягында билим беруучу уюмунун директорунун орун басары усулдук бирикменин ишин талдап УБнин акыркы отурумунда ишти жакшыртуу боюнча озунун нускоолорун айтат.

5.8 УБ документтери мектепте уч жыл сакталат,андан сон УБнин отурумдарынын протоколдору ,МБУ ишинин планы жана талданышы 10 жыл сактоо учун архивге тапшырылат.

**6 Мектептеги усулдук бирикменин документтери.**

6.1 УБ ачуу жонундо буйрук.

6.2 Усулдук бирикменин торагасын дайындоо жонундо буйрук.

6.3 Усулдук бирикме жонундо жобо.(КР БИМ бекиткен же нускаган )

6.4 УБмугалимдеринин кызматтык милдеттери

6.5 МБУнин откон жылдагы ишинин талданылышы

6.6 Жаны окуу жылына карата усулдук иштин темасы,анын максаты олутту эн маанилуу багыттары жана милдеттери.

6.7 УБ отурумдук жаны окуу жылына тузулгон иш планы,УБ мугалимдеринин предмет боюнча ачык сабактарды жана класстан тышкарки иштерди откоруу графиги.

6.8 УБ ишинин ар айлык иш планы.

6.9 УБ мугалимдери жонундо маалымат банкы,сандык жана сапаттык курамы (курагы,билими,адистиги,сабак берген предмети,жалпы жана педагогикалык стажы квалификациялык категориясы,сыйлыктары,наамы,телефону)

6.10 УБ мугалимдеринин оз алдынча билим алуу жонундо маалымат.УБдеги чыгармачыл отчеттору,ишкер оюндар ж.б)

6.11 Усулдук жума откоруу планы (эгер УБ оз алдынча откорсо)б

6.12 Программалар (предметбоюнча автордук,факультативдердин,ийримдердин)

6.13 Предмет боюнча окуу программалары жана алардын окуу-усулдук камсыздалышы.

6.14 Календардык, тематикалык пландоо(предмет боюнча,жекече факультативдик сабактар,предметтик ийримдер боюнча)

6.15 Мектеп ичиндеги козомол (экспресс,маалымат жана талдоо маалыматтары диагноздоо.

6.16 УБ отурумдарынын протоколдору

### 7 Усулдук бирикме мучолорунун укуктары.

7.1 Кесиптен денгээлин жогорулатуу учун сунуштарын даярдоо жана мугалимдерди корсотуу

7.2 Мектептеги окуу процессин жакшыртуу жонундо сунуш айтуу

7.3 Усулдук бирикмеде топтолгон алдынкы педагогикалык тажрыйба жонундогу,материалдарды жарыялоого сунуштоо.

7.4 Мектеп жетекчилерине усулдук бирикменинэксприменттик ишке жигердуу катышкан мугалимдерин сыйлоо маселесин коюу.

7.5 Мугалимдерге кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун ар турдуу формаларын сунуштоо.

7.6 Окуучулардын окуусундагы жана тарбиясындагы маселелер боюнча кеп-кенеш алуу учун мектеп директорунун орун басарына кайрылуу

7.7 Мугалимдерди аттестациялоону уюштуруу жана бул иштин мазмуну боюнча сунуш киргизуу.

7.8 Усулдук бирикмеден мугалимдерди ар кайсы денгээлдердеги “Жыл мугалими”жана “Мыкты класс жетекчи”конкурстарына корсотуу.

### 8 Усулдук бирикме мучолорунун милдеттери

Усулдук бирикме мучосунун томонкудой милдеттери бар.

8.1 Кесипкой чеберчиликтерин арттыруу жагынан иштоо.

8.2 Усулдук бирикменин отурумдарына,практикалык семинарларына,илимий-усулдагы семинарларга алдынкы тажрыйба мектептеринде ж.у.с.катышуу.

8.3 Педагогикалык ишмердигин оз алдынча талдоо негиздерин оздоштуруу.

8.4 Осулдук бирикменин усулдук жана маалымат иштерин катышуу.

8.5 Окутулуучу предмттин,крустун,факультативдин ж.б мазмунун илимий-усулдаа камсыздоо боюнча документтерди иштеп чыгуу.

8.6 Тажрыйбаны жалпылап билим беруучу уюмдагы педагогкторарасында жайылтуу.

1-тиркеме

(Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин
2022-жылдын 23-августундагы
№ 468 токтомуна)

**Социалдык чөйрөдөгү мекемелердин көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө типтүү жобо**

## I глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Социалдык чөйрөдөгү мекемелердин көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө типтүү жобо (мындан ары - Жобо) социалдык чөйрөдөгү билим берүү, маданият, социалдык коргоо, саламаттык сактоо жана жазаларды аткаруу (мындан ары - социалдык чөйрө мекемелери) системасында иштеген мекемелерде жана башка уюмдарда көзөмөлчүлүк кеңешин түзүүнүн жана анын ишин уюштуруунун тартибин аныктайт.
Ушул Жобо социалдык чөйрөнүн (билим берүү, маданият, социалдык коргоо, саламаттык сактоо жана жазаларды аткаруу) мамлекеттик жана муниципалдык мекемелеринде түзүлүүчү көзөмөлчүлүк кеңештерине карата жайылтылат.
2. Социалдык чөйрөдөгү көзөмөлчүлүк кеңеши (мындан ары - Кеңеш) юридикалык жактын статусуна ээ эмес жана коомдук башталышта иштеген мамлекеттик эмес, өкмөттүк эмес, коммерциялык эмес, коомдук уюм болуп саналат.
3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 16-январындагы № 12-б буйругу менен аныкталган уюмдарды кошпогондо, мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарында Кеңешти түзүү милдеттүү болуп саналат.
Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүчү объекттерге төмөнкүлөр кирет:
- бардык типтеги жана түрдөгү мектепке чейинки билим берүү уюмдары;
- жалпы билим берүү уюмдары (жалпы билим берүү мектеби, окуу-тарбия комплекси, автордук окуу-тарбия комплекси, гимназия мектеби, лицей мектеби, комплекстүү мектеп, атайын мектеп (интернат), жалпы билим берүүчү санаториялык мектеп, көмөкчү мектеп, кечки мектеп (кечки жана сменалык), сырттан окутуучу жалпы билим берүү мектеби, эксперименталдык аянтчасы бар мектеп, толук эмес мектеп жана башкалар);
- бардык типтеги жана түрдөгү мектептен тышкаркы билим берүү уюмдары;
- бардык типтеги жана түрдөгү атайын билим берүү уюмдары;
- балдарга, өспүрүмдөргө жана жаштарга кошумча билим берүүчү бардык типтеги жана түрдөгү уюмдар;
- башталгыч кесиптик билим берүү уюмдары (кесиптик лицей, кесиптик окуу жайы ж.б.);
- орто кесиптик билим берүү уюмдары (окуу жайы, колледж, техникум ж.б.);
- жогорку кесиптик билим берүү уюмдары (институт, академия, университет, консерватория ж.б.);
- жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү уюмдары;
- кошумча кесиптик билим берүү уюмдары;
- стационардык социалдык мекемелер (интернат тибиндеги мекемелер, үй-бүлөлүк балдар үйлөрү, реабилитациялык борборлор);
- маданият, искусство жана спорт чөйрөсүндөгү мекемелер;
- дарылоо-профилактикалык саламаттык сактоо мекемелери;
- милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду;
- илимий-изилдөө институттары, улуттук илимий борборлор;
- дары-дармек менен камсыздоо бөлүмү.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүчү объекттерге жарандарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтар менен катар калкты билим берүү, медициналык жана социалдык жактан тейлөөнүн башка уюмдары да кирет.
4. Кеңеш өзүнүн ишин Кыргыз Республикасынын Конституциясына, "Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, ушул Жобого жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жүзөгө ашырат.

**II глава. Кеңештин максаттары жана милдеттери**

5. Кеңештин максаты көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жогорулатууга, гуманитардык жардамды жана бюджеттен тышкаркы каражаттарды натыйжалуу пайдаланууга жана бөлүштүрүүгө, социалдык чөйрөдөгү мекемелердин ишинин ачык-айкындуулугун камсыз кылууга көмөк көрсөтүү болуп саналат.
6. Кеңештин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:
- социалдык чөйрөдөгү мекемелердин уставдык максаттарыңа жана милдеттерине жетүүдө кызматтарды көрсөтүү боюнча мекемелердин ишин натыйжалуу уюштуруу үчүн шарттарды түзүүгө көмөк көрсөтүү;
- социалдык чөйрөдөгү мекемелерди каржылоонун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген кошумча булактарын тартуу.

**III глава. Кеңешти түзүүнүн эрежелери**

7. Кеңеш 15 адамдан ашпаган санда түзүлөт.
8. Социалдык чөйрөдөгү мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде мекеме карамагында турган ыйгарым укуктуу орган социалдык чөйрөдөгү мекеменин Кеңешин тандоо жана түзүү боюнча 11 адамдан турган комиссия (мындан ары - Комиссия) түзөт.
Республикалык баш ийүүдөгү мекемелер үчүн Комиссияны ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, райондук/шаардык баш ийүүдөгү мекемелер үчүн - мамлекеттик органдын аймактык бөлүмү, коммерциялык эмес же өкмөттүк эмес уюмдар үчүн - жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү кеңеш түзөт.
Социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган:
- Комиссиянын курамын бекитет;
- бюджеттен тышкаркы каражаттардын чыгымдар сметасында Комиссияны түзүүнү уюштуруу үчүн каражаттарды караштырат.
9. Комиссиянын курамына социалдык чөйрөдөгү мекемелерде же коомдук иштерде тажрыйбасы бар Кыргыз Республикасынын аракетке жөндөмдүү жарандары, мамлекеттик органдардын, ишкер чөйрөлөрдүн, илимий жана билим берүү уюмдарынын, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, чарба жүргүзүүчү субъекттердин, студенттердин жана ата-энелердин бирикмелеринин өкүлдөрү, ошондой эле гуманитардык жардам көрсөткөн жеке жактар кириши мүмкүн.
10. Комиссия жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу социалдык чөйрөдөгү мекемелерде Кеңешти түзүү жөнүндө жарыялайт же социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аны өзүнүн расмий сайтына жайгаштырат.
11. Комиссия Социалдык чөйрөдөгү мекемелердин кеңешинин сапаттык курамын тандоону жана түзүүнү жүзөгө ашырат, ал ведомстволук ыйгарым укуктарына жараша социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча Комиссиянын чечими менен бекитилет.
12. Социалдык чөйрөдөгү коммерциялык эмес же өкмөттүк эмес уюмдардын Кеңешинин сапаттык курамын тандоо жана түзүү Комиссия тарабынан жүзөгө ашырылат, ал жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү кеңеш менен макулдашуу боюнча Комиссиянын чечими менен бекитилет.
13. Кеңеш төраганын, катчынын жана мүчөлөрдүн курамында түзүлөт. Кеңештин мүчөлөрү бир эле учурда социалдык чөйрөнүн бирден ашык мекемесинде Кеңештин мүчөсү боло албайт.

14. Социалдык мекемелердин уюштуруучулары жана жетекчилери Кеңештин мүчөсү боло албайт.
15. Кеңештин курамынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү ал бекитилген учурдан тартып 3 жылды түзөт. Бир эле адам чектелбеген жолу Кеңештин мүчөсү болууга укуктуу.

**IV глава. Кеңештин ишин уюштуруу**

16. Кеңеш өзүнүн ишин көз карандысыздык, маалымдуулук, коллегиялуулук, ак ниеттүүлүк жана мыйзамдуулук принциптеринде жүзөгө ашырат.
17. Кеңештин төрагасы ачык добуш берүү аркылуу Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен бир жылдык мөөнөткө шайланат.
Кеңештин төрагасы болуп шайланууга талапкерлер Кеңештин мүчөлөрү тарабынан же өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлөт.
18. Кеңештин төрагасынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү ал шайланган күндөн тартып башталат жана жаңы төрага шайланган күнгө чейинки күнү токтотулат.
19. Кеңештин жаңы төрагасын шайлоо иштеп жаткан төраганын ыйгарым укуктарынын акыркы айында өткөрүлөт. Кеңештин жаңы төрагасын шайлоо ушул пунктта белгиленген мөөнөттө өткөрүлбөгөн учурда Кеңештин иштеп жаткан төрагасы жаңы төрага шайланганга чейин өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууну улантат.
20. Төрага жок болгон мезгилде анын милдеттерин аткаруу төраганын чечими менен, ал эми мындай тапшырма берүүгө мүмкүн болбогон учурда - Кеңештин жалпы курамынын көпчүлүк добушунун чечими менен кеңештин мүчөлөрүнүн бирине жүктөлөт.
21. Кеңештин төрагасы:
1) Кеңештин ишин уюштурат, ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар менен мамилелерде Кеңештин атынан чыгат;
2) жыйналыштарды чакырат, Кеңештин жыйналыштарынын кароосуна киргизилүүчү маселелерди аныктайт;
3) Кеңештин жыйналыштарына төрагалык кылат;
4) Кеңешке келип түшкөн материалдарды текшерүүнү уюштурат;
5) Кеңештин ишинин натыйжаларын жалпылоону уюштурат жана анын ишин уюштурууну жакшыртууга багытталган чараларды көрөт;
6) Кеңештин иши жөнүндө социалдык чөйрөнүн мекемесинин уюштуруучусуна, жергиликтүү мамлекеттик администрацияга, жергиликтүү кеңешке жана ведомстволук баш ийүүсүнө жараша социалдык чөйрөдөгү мамлекеттик ыйгарым укуктуу органга маалымдайт;
7) Кеңештин чечимдерине ылайык башка функцияларды аткарат.
22. Кеңештин төрагасы өзүнүн функциялык милдеттерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда Кеңештин мүчөлөрүнүн кеминде үчтөн экисинин чечими менен анын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн.
23. Кеңеш өзүнүн курамынан катчыны шайлайт. Кеңештин чечими боюнча катчынын ишин техникалык колдоо үчүн келишимдик негизде адамдар тартылышы мүмкүн.
24. Кеңештин катчысы:
1) Кеңештин жыйналыштарын даярдоону камсыз кылат;
2) Кеңештин мүчөлөрүнө жыйналыштын датасы, убактысы жана орду жөнүндө кабарлайт, Кеңештин жыйналышынын протоколдорун жүргүзөт;
3) Кеңеште иш кагаздарын жүргүзүүнү уюштурат жана жүргүзөт, ошондой эле анын чечимдерин аткаруу мөөнөттөрүн контролдойт;
4) Кеңештин жана анын төрагасынын тапшырмаларына ылайык башка функцияларды аткарат.

**V глава. Кеңештин ыйгарым укуктары, Кеңештин мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери**

25. Кеңештин ыйгарым укуктары, Кеңештин мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери "Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5, 7-беренелеринде белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

Кеңештин ыйгарым укуктары:

1) уюштуруучулар тарабынан социалдык чөйрөнү өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгууга жана кабыл алууга, ошондой эле мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүнүн сапатын жогорулатууга көмөк көрсөтүү;

2) социалдык чөйрөнү өнүктүрүүгө гуманитардык жардамды (инвесторлорду, меценаттарды) жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка каржылоо булактарын издөө жана тартуу;

3) социалдык чөйрөдөгү мекемени уюштурууга тартылган бюджеттен тышкаркы каражаттардын чыгымдар сметасын аткарууну кароо жана көзөмөлдөө;

4) учурдагы жана келечектеги милдеттерди чечүүгө, социалдык чөйрөдөгү мекемелерди өнүктүрүүгө жана алардын натыйжалуу иштешине, иштин сапатын жогорулатууга көмөк көрсөтүү.

Кеңештин укуктары:

1) социалдык чөйрөдөгү мекеменин ишин жакшыртуу жана социалдык чөйрө жаатындагы ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;

2) социалдык чөйрөдөгү мекеменин материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүгө жана чыңдоого көмөк көрсөтүү;

3) гуманитардык жардамды, финансылык жана башка материалдык каражаттарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген булактардан тартуу;

4) мамлекеттик жана башка мыйзам менен корголуучу жашыруун сырга тиешелүү маалыматтарды кошпогондо, социалдык чөйрөдөгү мекеменин кызмат адамдарынан ишти жүзөгө ашырууга байланышкан (анын ичинде бюджеттен тышкаркы финансы-чарбалык) документтерди суроо;

5) зарылчылыкка жараша Кеңештин мүчөлөрүнүн ичинен туруктуу жана (же) убактылуу комиссияларды түзүү;

6) билим берүү уюмун фискалдык органдар тарабынан текшерүүнүн натыйжалары менен тааныштыруу;

7) социалдык чөйрөдөгү мекемелер жаатындагы ыйгарым укуктуу органга финансы-чарбалык иш чөйрөсүндөгү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерин бузгандыгы үчүн туруктуу жана (же) убактылуу комиссиялардын ишинин натыйжалары боюнча социалдык чөйрөдөгү мекемелердин кызмат адамдарына, кызматкерлерине тийиштүү чараларды көрүү жөнүндө сунуштамаларды киргизүү;

8) аныкталган бузуулар жөнүндө материалдарды зарыл чараларды көрүү үчүн ыйгарым укуктуу органдарга, алардын кызмат адамдарына, укук коргоо органдарына берүү;

9) социалдык чөйрөдөгү мекеменин ишинин маселелери боюнча коомдук пикирди изилдөө жана жалпылоо жана алынган маалыматты анын ишин өркүндөтүү максатында пайдалануу;

10) социалдык чөйрөдөгү мекеменин ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга байланышкан маселелерди чечүүгө көмөк көрсөтүү;

11) мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү маселелери боюнча жарандардын сунуштарын, арыздарын жана даттанууларын кароого катышуу.

Кеңештин милдеттери:

1) Кеңештин бир жылга иш планын иштеп чыгуу жана бекитүү;

2) социалдык чөйрөдөгү мекеменин жетекчиси, алардын уюштуруучулары, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, гуманитардык жардам көрсөтүүчү башка уюмдар жана жеке адамдар менен тыгыз байланышта өз ишин жүзөгө ашыруу;

3) социалдык чөйрөдөгү мекеменин иши жөнүндө коомчулукка маалымат берүүгө көмөк көрсөтүү;

4) өзүнүн иши жөнүндө жылдык отчетту даярдоо жана жалпыга маалымдоо каражаттары жана социалдык чөйрөдөгү мекемелер жаатында мамлекеттик органдын веб-сайты аркылуу коомчулукка маалымат берүү;

5) көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүү жана аларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;

6) социалдык чөйрөдөгү мекемелерди каржылоонун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген кошумча булактарын тартуу;
7) ыйгарым укуктуу органдардын суроо-талабы боюнча өз иши жөнүндө отчет берүү.

## VI глава. Кеңештин ишин жана Кеңештин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын токтотуу

26. Социалдык чөйрөдөгү мекемелер кайра уюштурулган учурда Кеңеш өз ишин токтотот.
27. Кеңештин ишин токтотуу анын чечиминин негизинде жүзөгө ашырылат. Кеңештин иши токтотулган учурда тартылган каражаттарды башкаруу боюнча анын ыйгарым укуктары Кеңештин жаңы курамы түзүлгөнгө чейин Кеңештин төрагасына өткөрүп берилет.
28. Кеңештин мүчөсүнүн ыйгарым укуктары төмөнкүдөй учурларда токтотулат:
1) ал шайланган мөөнөт аяктаганда;
2) ал өз каалоосу боюнча ыйгарым укуктарын токтотуу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз бергенде;
3) ал Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашоочу жерине чыгып кеткенде;
4) ага карата соттун айыптоо өкүмү күчүнө киргенде;
5) аны сот тартибинде аракетке жөндөмсүз, ошондой эле дайынсыз жоголду же өлдү деп тааныганда;
6) Кеңештин социалдык чөйрөдөгү мекемеге же Кеңештин беделине зыян келтирген мүчөсү жүрүм-турум этикасын бузганда;
7) медициналык корутундуга ылайык ден соолугунун абалы боюнча өз милдеттерин жүзөгө ашырууга мүмкүн болбогондо;
8) жүйөлүү себептерсиз Кеңештин жыйналыштарына катары менен беш жолу келбегенде.
29. Кеңештин мүчөлөрүн мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө чечим Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн экисинин добушу менен кабыл алынат.
30. Кеңештин курамындагы бош орунду ээлөө "Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинде белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.
31. Ушул Жобону колдонууга байланыштуу келип чыккан талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык каралат.
32. Күнөөлүү адамдар социалдык чөйрөдөгү мекемелерге өздөрүнүн мыйзамсыз аракеттери (аракетсиздиги) менен зыян келтирген учурда "Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын ченемдерин бузгандыгы үчүн келтирилген чыгымдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте калыбына келтирет.

## Социалдык чөйрөдөгү мекемелердин көзөмөлчүлүк кеңеши тарабынан тартылган каражаттарды кабыл алуу, эсебин жүргүзүү, бөлүштүрүү, топтоо жана пайдалануу боюнча жобо

1. Социалдык чөйрөдөгү мекемелердин көзөмөлчүлүк кеңеши тарабынан тартылган каражаттарды кабыл алуу, эсебин жүргүзүү, бөлүштүрүү, топтоо жана пайдалануу боюнча жобо "Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 1, 2-пункттарына ылайык социалдык чөйрөдөгү мекемелердин көзөмөлчүлүк кеңеш (мындан ары - Кеңеш) тарабынан тартылган каражаттарын кабыл алуунун, эсебин жүргүзүүнүн жана бөлүштүрүүнүн тартибин аныктайт.

2. Өзүнүн ишин уюштуруу үчүн Кеңеш Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген булактардан гуманитардык жардамды, финансылык жана башка материалдык каражаттарды (мындан ары - тартылган каражаттарды) тартууга укуктуу.

3. Социалдык чөйрөдөгү мекемелерге жеке жана юридикалык жактардан келип түшкөн материалдык жана материалдык эмес баалуулуктар, гуманитардык жардам, аткарылган жумуштар/кызмат көрсөтүүлөр Кеңештин мүчөсүнүн милдеттүү катышуусу менен кабыл алынат жана эсепке алынат. Баасы көрсөтүлбөгөн материалдык жана гуманитардык жардам учурдагы Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан белгиленген региондук баа менен кабыл алынат.

4. Тартылган каражаттар мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн шарттарын жана сапатын жакшыртуу, социалдык чөйрөдөгү мекемелердин материалдык-техникалык, окуу-методикалык базасын өнүктүрүү жана чыңдоо үчүн жумшалат.

5. Кеңештин ишин жүзөгө ашырууга тартылган сумманын 2 пайызынан ашпаганы Кеңештин төрагасынын алыш-бериш эсебине которуу жолу менен пайдаланылат.

6. Кеңеш тарабынан товардык-материалдык баалуулуктар түрүндө тартылган каражаттарды кабыл алуу социалдык чөйрөдөгү мекеменин ички буйругунун, товарларды кабыл алуу жана өткөрүү актысынын негизинде жүргүзүлөт.

7. Товарларды кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы финансылык документ болуп саналат, анда келип түшкөн материалдык жана материалдык эмес баалуулуктар, гуманитардык жардам, аткарылган иштер/кызмат көрсөтүүлөр, коштоочу документтердин болушу жана өткөрүлүп берилген товарлардын жалпы акчалай наркы кеңири сүрөттөлгөн.

8. Кабыл алуу-өткөрүп берүү акты - эки нускада түзүлөт жана төмөнкү реквизиттерди камтууга тийиш:

- документтин аталышы жана номери;

- документ түзүлгөн жер жана дата;

- товарларды өткөрүп берген жана кабыл алган жактар жөнүндө маалыматтар (жеке адамдар үчүн - фамилиясы, аты, атасынын аты, жарандыгы, паспорттук маалыматтар, байланыш телефондору; юридикалык жактар үчүн - аталышы, салык төлөөчүнүн идентификациялык номери жана байланыш телефондору көрсөтүлгөн коштоочу документтер);

- келишимдин реквизиттери (каттоо номери жана түзүлгөн дата), анын негизинде ушул кабыл алуу-өткөрүү акты түзүлөт;

- товарлардын тизмеси жана алардын саны;

- товарлардын сапаты жөнүндө маалыматтар;

- берилген же кабыл алынган товарлардын табылган (же табылбаган) кемчиликтери жөнүндө маалыматтар;

- товардын жалпы наркы;

- товарды өткөрүп берген жактын колу;

- товарды кабыл алган жактын колу;

- товарларды ушул кабыл алуу-өткөрүп берүү актты түзгөн уюмдун мөөрүнүн оттиски.

Которулган акча каражаттары жана аткарылган жумуштар/кызмат көрсөтүүлөр үчүн өзүнчө кабыл алуу-өткөрүп берүү акттары түзүлөт.

9. Кеңеш тарабынан тартылган товарлар, аткарылган жумуштар/кызмат көрсөтүүлөр, материалдык жана материалдык эмес баалуулуктар түрүндө каражаттарды пайдалануунун тартиби жана шарттары Кеңеш тарабынан өз алдынча аныкталат.

Кабыл алынган акчалай каражаттар, товарлар, аткарылган жумуштар/кызмат көрсөтүүлөр, материалдык жана материалдык эмес баалуулуктар түрүндө тартылган каражаттарды алуунун, пайдалануунун, инвентаризациясынын тартиби жана шарттары тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик же муниципалдык орган тарабынан аныкталат.

10. Товарлар, материалдык жана материалдык эмес баалуулуктар түрүндө тартылган каражаттар социалдык чөйрөдөгү мекеменин эсеп (отчет) берүүгө милдеттүү материалдык жооптуу кызмат адамына өткөрүлүп берилет, аны менен социалдык чөйрөдөгү мекеменин жетекчиси Кеңештин материалдык каражаттары үчүн толук жоопкерчилик жөнүндө келишим түзөт.

11. Кеңештин материалдык жана материалдык эмес баалуулуктарын эсепке алуу социалдык чөйрөдөгү мекеменин материалдык жооптуу кызмат адамы жүргүзөт, ал ай сайын/квартал сайын материалдык отчетту түзөт жана аны социалдык чөйрөдөгү мекеменин бухгалтердик эсеп жүргүзүү бөлүмүнө берет.

12. Кеңештин товардык-материалдык баалуулуктарын чыгаруу Кеңештин чечимине ылайык аларды чыгаруу ведомосту боюнча кийин тиешелүү эсептен чыгаруу актысын тариздөө менен жүргүзүлөт.

13. Финансылык жылдын аягында социалдык чөйрөдөгү мекемеде Кеңештин ревизиялык комиссиясынын мүчөсүнүн милдеттүү түрдө катышуусу менен Кеңештин материалдык баалуулуктарына инвентаризация жүргүзүлөт, инвентаризациянын натыйжалары Кеңештин кароосуна киргизилет.

14. Товардык-материалдык баалуулуктар түрүндөгү кабыл алынган гуманитардык жана демөөрчүлүк жардам боюнча бухгалтердик документтердин негизинде келип түшүү булагын жана суммасын көрсөтүү менен бухгалтердик отчеттуулук (баланс) түзүлөт.

15. Кеңеш тарабынан тартылган каражаттарды топтоо үчүн социалдык чөйрөдөгү мекеменин жетекчиси банкта өзүнчө топтолмо эсеп ачат.

16. Банкта топтолмо эсеп ачылгандан кийин социалдык чөйрөдөгү мекеме менен банктын ортосунда эки тараптуу келишим түзүлөт, анда төмөнкү пункттар милдеттүү түрдө жазылууга тийиш:

- социалдык чөйрөдөгү мекеменин банктагы топтолмо эсебинде Кеңештин акча каражаттарын сактоонун минималдуу жана максималдуу мөөнөттөрү;

- социалдык чөйрөдөгү мекеменин банктагы топтолмо эсебинде турган Кеңештин каражаттарын банк пайдаланганы үчүн жылына банк тарабынан төлөнүүчү пайыздык ставкалардын конкреттүү өлчөмдөрү;

- Кеңештин акча каражаттарын сактоо мөөнөттөрүн эске алуу менен социалдык чөйрөдөгү мекеменин банктагы топтолмо эсебине, атайын эсебине Кеңештин акча каражаттарын чегерүү (которуу) тартиби.

17. Кеңеш тарабынан тартылган накталай акча каражаттары социалдык чөйрөдөгү мекеменин кассасына чегерилет, кийин мекеменин банктагы топтолмо эсебине чегерилет, ал эми акчаны чыгарууга чыгаша кассалык документтер берилет.

18. Кеңеш тарабынан накталай эмес (банктык) которуу жолу менен тартылган акча каражаттар социалдык чөйрөдөгү мекеменин банктагы топтолмо эсебине чегерилет.

19. Акчалай түрдө тартылган гуманитардык жана демөөрчүлүк жардам социалдык чөйрөдөгү мекеменин банктагы топтолмо эсебинде 14411100 "учурдагы жардам" элементи боюнча киреше бөлүгүндө топтолот, чыгашалар кассалык документтер жана бюджеттик классификациянын беренелери боюнча жүргүзүлөт.

20. Кеңештин бардык финансылык чыгашалары социалдык чөйрөдөгү мекеме тарабынан социалдык чөйрөдөгү мекеменин атайын эсебине топтолмо эсебинен акча каражаттары которулгандан кийин Кеңештин чечиминин негизинде жүргүзүлөт.

21. Кеңеш тартылган акча каражаттардын багытын өз алдынча тандайт. Акча каражаттары эсептен Кеңештин чечиминин негизинде гана анда көрсөтүлгөн конкреттүү максаттар үчүн алынышы мүмкүн.

22. Башка өлкөлөрдөн товардык-материалдык баалуулуктар түрүндө гуманитардык жардамды алуунун тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 1-февралындагы № 43 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында гуманитардык жардамды кабыл алуу жана бөлүштүрүү тартиби жөнүндөгү жободо аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

23. Келерки жылга тартылган каражаттардын кирешелеринин жана чыгашаларынын көлөмү Кеңештин жыйналышында бекитилген кирешелердин жана чыгашалардын финансылык планына ылайык социалдык чөйрөдөгү мекемелердин кирешелеринин жана чыгашаларынын бирдиктүү сметасына киргизилет.

a) наристелердин жана балдардын өлүмүнүн деңгээлин төмөндөтүү;

b) баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнү өнүктүүрүгө биринчи кезекте көңүл буру менен, бардык балдардын саламаттыгын сактоо жана медициналык зарыл жардам көрсөтүүнү камсыз кылуу;

c) балдардын ооруларына жана ач-жылаңач балдардын болушуна каршы, анын ичинде баштапкы медициналык-санитардык жардамдын чектеринде, аш болумдуу азык-түлүктөрдү жана ичүүчү суну жетиштүү берүүнүн женил технологиясын колдонуу аркылуу, айлана чөйрөнүн булганышынын коркунучтуулугун жана опурталдуулугун эске алуу менен күрөш жүргүзүү;

d) энелердин төрөткө чейинки жана төрөттөн кийинки мезгилдеги саламаттыгын сактоо боюнча тиешелүү кызмат көрсөтүүлөр;

e) коомдун бардык катмарынын, атап айтканда ата-энелердин жана балдардын ден соолугу жана тамактанышы, алардын эмчек эмишинин артыкчылыктары, бала жашаган жердеги гигиена, санитария жөнүндө билишин камсыз кылуу жана кырсыктардан алдын алуу, ошондой эле мындай билимдерди пайдаланууга жана аларды колдоого мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу;

f) агартуу ишин жана алдын алуучу медициналык жардам жагындагы кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүүрү жана үй-бүлөнүн санын пландаштыруу үчүн зарыл чараларды көрөт.

3. Катышкан мамлекеттер балдардын ден соолугуна терс таасир тийгизген салт болуп калган практиканы жоюу максатында ар кандай натыйжалуу жана зарыл чараларды көрүшөт.

4. Катышкан мамлекеттер эл аралык кызматташтыкты колдоого жана ушул статьяда таанылган укуктарды u1090 толук жүзөгө ашырууга акырындык менен жетишүү максатында аны өнүктүүрүгө милдеттенишет. Ушуга байланыштуу өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн керектөөлөрүнө өзгөчө көңүл бурулууга тийиш.

25-статья

Катышкан мамлекеттер компетенттүү органдар тарабынан баланы багуу, коргоо, дене түзүлүшү же болбосо психикалык жактан дарылоо максатында камкордукка берилген баланын дарыланышына мезгил-

мезгили менен баа берүүнү жана бала жөнүндө мындай камкордукка байланыштуу бардык башка шарттарды таанышат.

26-статья

1. Катышкан мамлекеттер ар бир баланын социалдык жактан камсыз кылуунун жыргалчылыктарынан, анын ичинде социалдык камсыздандыруудан пайдаланууга болгон укугун таанышат жана бул укуктун алардын улуттук мыйзамдарына ылайык толук жүзөгө ашырылышына жетишүү үчүн зарыл чараларды көрүшөт.

2. Бул жыргалчылыктар зарылдыгына жараша баланын жана аны багууга жоопкерчиликтүү адамдардын колдо болгон ресурстарын жана мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле баланын жыргалчылыгына жетишүү үчүн же анын атынан жасалган ар кандай ниеттерди эске алуу менен берилет.

27-статья

1. Катышкан мамлекеттер ар бир баланын өзүнүн мүчө боюнун, акыл эсинин, руханий, адеп-ахлактык жана социалдык өнүгүшү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлине болгон укугун таанышат.

2. Ата-энеси же баланы тарбиялаган башка адамдар өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүнүн жана жашоо шарттарынын финансылык мүмкүнчүлүктөрүнүн чектеринде баланы өнүктүүрү үчүн зарыл болгон шарттарды камсыз кылуу үчүн негизги жоопкерчиликте болушат.

3. Катышкан мамлекеттер улуттук шарттарга ылайык жана өз мүмкүнчүлүктөрүнүн чектеринде балдардын ата-энесине жана балдарды тарбиялап жаткан башка адамдарга жардам көрсөтүү боюнча зарыл чараларды көрүшөт, ушул укуктарды жүзөгө ашырууда жана зарыл болгондо материалдык жардам көрсөтүшөт жана балдарды тамак-аш кийим-кече жана турак жай менен камсыз кылуу жагындагы программаларды айрыкча колдошот.

4. Катышкан мамлекеттер баланын ата-энеси же бала үчүн финансылык жоопкерчиликте болгон башка адамдар ошол мамлекеттин ичинде да, чет өлкөдө да баланы багышын калыбына келтирүү үчүн бардык зарыл чараларды көрүшөт. Атап айтканда, эгерде баланы багуу үчүн финансылык жоопкерчиликте болгон адам жана бала ар кандай мамлекеттерде жашаса, катышкан мамлекеттер эл аралык макулдашууларга кошулууга же мындай макулдашууларды түзүүгө, ошондой эле башка тиешелүү келишимдерге жетишүүгө көмөк көрсөтүшөт.

28-статья

1. Катышкан мамлекеттер баланын билим алууга болгон укугун бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн негизинде жүзөгө ашырууга акырындык менен жетишүү максатында ал укукту таанышат, атап айтканда:

a) акысыз же милдеттүү башталгыч билим берүүнү киргизишет;

b) жалпы да, кесиптик да билим берүү сыяктуу орто билим берүүнүн ар кандай түрлөрүн өнүктүүрүнү колдошот, анын бардык балдар үчүн мүмкүн болушун камсыз кылышат жана акысыз билим берүү жана зарыл учурда финансылык жардам көрсөтүү сыяктуу зарыл чараларды көрүшөт;

c) ар бир баланын жөндөмүнүн негизинде бардык балдар үчүн жогорку билимдин мүмкүнчүлүгүн зарыл болгон бардык каражаттардын жардамы менен камсыз кылышат;

d) бардык балдар үчүн билим берүү жана кесиптик даярдоо жагындагы маалыматтарды жана материалдарды алууга мүмкүнчүлүктү камсыз кылышат;

e) мектептерге үзбөй барууга жана мектепти таштап кеткен окуучулардын санын төмөндөтүүгө көмөк көрсөтүү боюнча чараларды көрүшөт.

2. Катышкан мамлекеттер мектептеги тартип баланын адамдык кадыр-баркын урматтоону чагылдырган жана ушул Конвенцияга ылайык келген ыкмалардын жардамы менен ишке ашырылышын камсыз кылуу үчүн бардык зарыл чараларды көрүшөт.

3. Катышкан мамлекеттер билим берүүгө тиешеси бар, атап айтканда бүткүл дүйнө жүзүндө наадандыкты жана сабатсыздыкты жоюуга көмөк көрсөтүү жана илимий-техникалык билимдерге жана окутуунун азыркы кездеги ыкмаларына мүмкүнчүлүк алууну жеңилдетүү максатында эл аралык кызматташтыкты колдошот жана өнүктүрүшөт. Ушуга байланыштуу өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн керектөөлөрүнө өзгөчө көңүл бурулууга тийиш.

29-статья

1. Катышкан мамлекеттер балага билим берүү:

a) баланын инсанын, талантын жана акыл-эси менен мүчө боюнун мүмкүнчүлүктөрүн эң толук көлөмдө өнүктүүрүгө;

b) Бириккен Улуттар Уюмунун Уставында жарыяланган адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин, ошондой эле принциптерин урматтоого тарбиялоого;

c) баланын ата-энесине, анын маданий өз алдынчалыгына, тилине жана дөөлөттөрүнө, бала жашаган өлкөнүн, ал төрөлгөн өлкөнүн улуттук дөөлөттөрүнө, анын өзүнүн өлкөсүнөн айырмаланган цивилизацияларды урматтоого тарбиялоого;

d) баланы эркин коомдо түшүнүү, ынтымак, сабырдуулук, эркектер менен аялдардын ортосундагы тең укуктуулуктун жана бүткүл элдердин, этностук, улуттук жана диний топтордун, ошондой эле жергиликтүү калктын ичиндеги адамдардын ортосундагы достуктун рухунда аң-сезимдүү жашоого тарбиялоого;

e) курчап турган табиятты урматтоого тарбиялоого багытталууга тийиш экендиги менен макул болушат.

2. Ушул статьянын же 28-статьянын эч бир бөлүгү айрым адамдардын жана органдардын окуу жайларын түзүү жана аларга ушул статьянын 1-пунктунда баяндалган принциптерди такай сактоонун жана мындай окуу жайларында берилүүчү билим мамлекетте белгилениши мүмкүн болгон минималдуу нормаларга ылайык келиши жөнүндө талаптарды аткарууну сактоонун шартында аларга жетекчилик кылуу эркиндигин чектөөчү нерселер катары түшүндүрүлбөйт.

30-статья

Этностук, диний же тилдик азчылыктар болгон мамлекеттерде же жергиликтүү калктын ичинен ушундай адамдар болгондо, ушундай азчылыктарга жана жергиликтүү калкка таандык болгон балага өзүнүн тобунун башка мүчөлөрү менен биргелешип, өз маданиятын пайдалануу, өз динин тутуу жана анын каадаларын аткаруу, ошондой эле эне тилин пайдалануу укугунан баш тартылышы мүмкүн эмес.

31-статья

1. Катышкан мамлекеттер баланын эс алууга жана көңүл ачууга, өзүнүн курагына ылайык келген оюндарга жана оюн-зоок иш-чараларына катышууга, маданий турмушка эркин катышууга жана искусствого катышууга болгон укугун таанышат.

2. Катышкан мамлекеттер баланын маданий u1078 жана чыгармачыл турмушка ар тараптан катышуу укугун урматташат жана колдошот, маданий жана чыгармачыл иши, убактысын өткөрүшү жана эс алышы үчүн тиешелүү жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн берилишине көмөк көрсөтүшөт.

32-статья

1. Катышкан мамлекеттер баланын ден соолугуна коркунуч келтирген же анын билим алышына тоскоолдук кылган, же болбосо анын саламаттыгына же мүчө боюунун, акыл эсинин, рухий, моралдык жана социалдык өнүгүшүнө зыян келтирүүчү экономикалык эзүүдөн жана ар кандай ишти аткаруудан коргоо укугун таанышат.

2. Катышкан мамлекеттер ушул статьяны жүзөгө ашырууну камсыз кылуу үчүн мыйзамдык, административдик жана социалдык чараларды, ошондой эле билим берүү жагындагы чараларды көрүшөт. Бул максаттарда башка эл аралык документтердин тиешелүү жоболорун жетекчиликке алуу менен катышкан мамлекеттер, атап айтканда:

a) баланын эң төмөнкү курагын же аны жумушка кабыл алуу үчүн зарыл болгон эң төмөнкү куракты белгилешет;

b) баланын жумуш күнүнүн узактыгы жана эмгек шарттары жөнүндө зарыл талаптарды аныкташат;

c) ушул статьяны натыйжалуу жүзөгө ашырууну камсыз кылуу үчүн жазанын тиешелүү түрлөрүн же башка санкцияларды карашат.

33-статья

Катышкан мамлекеттер балдарды баңгилик каражаттарды жана психотроптук заттарды колдонуудан тиешелүү эл аралык келишимдерде аныкталгандай коргоо жана мындай заттарды мыйзамга жат өндүрүштө жана аларды сатууда балдарды пайдаланууга жол бербөө үчүн бардык чараларды, анын ичинде мыйзамдык, административдик жана социалдык чараларды, ошондой билим берүү жагындагы чараларды керүшөт.

34-статья

Катышкан мамлекеттер баланы сексуалдык мажбурлоонун жана сексуалдык жагынан бузуунун бардык түрлөрүнөн сактоого милдеттенишет. Бул максаттарда катышкан мамлекеттер, атап айтканда улуттук, кош тараптуу жана көп тараптуу деңгээлдерде:

a) баланы ар кандай мыйзамсыз сексуалдык иш-аракетке тартууну же мажбурлоону;

b) балдарды сойкулук иштерге тартуу же башка сексуалдык практикада колдонуу максаттарында пайдаланууну;

c) балдарды ______порнографияда жана порнографиялык материалдарда колдонуу максаттарында пайдаланууну болтурбай коюу үчүн бардык чараларды көрүшөт.

35-статья

Катышкан мамлекеттер улуттук, кош тараптуу жана көп тараптуу деңгээлдерде ар кандай максаттарда жана балдарды ар кандай түрдө уурдоону, балдар менен соода кылууну же алар менен контрабанда жүргүзүүнү болтурбай коюу үчүн зарыл болгон бардык чараларды көрүшөт.

36-статья

Катышкан мамлекеттер баланын жыргалчылыгынын ар кандай аспектилерине зыян келтирүү менен ага зомбулук көрсөтүүнүн башка бардык түрлөрүнөн баланы коргошот.

37-статья

Катышкан мамлекеттер:

a) бир дагы баланын кыйноолорго же башка катаал, ырайымсыз же анын кадыр-баркын кемсинткен мамилеге же жазага тартылбашын камсыз кылышат. 18 жашка толо элек адамдар тарабынан кылмыштар үчүн аны жазадан бошотуунун мүмкүнчүлүгү каралбаган өлүм жазасы да, өмүр бою түрмөгө отургузууда каралбайт;

Ь) бир дагы бала мыйзамсыз түрдө же зомбулук менен эркинен ажыратылбашын камсыз кылышат. Баланы камакка алуу, кармоо же түрмөгө отургузуу мыйзамга ылайык жүзөгө ашырылат жана өзгөчө чара катарында гана тиешелүү түрдө убакыттын мүмкүн болушунча кыска мөөнөтүнүн ичинде гана пайдаланылат;

c) эркинен ажыратылган ар бир бала өзүнүн курагына таандык болгон керектөөлөрүн эске алуу менен өзүнүн инсандыгынын ажырагыс кадыр-баркынын урматталышынан жана ага гумандуу мамиле жасалышынан пайдаланышын камсыз кылат. Атап айтканда, эркинен ажыратылган ар бир бала, эгерде баланын жогорку таламдарында мындай кылууга болбойт деп эсептелбесе, бала чоңдордон бөлөк кармалууга тийиш, өзгөчө жагдайлардан башка учурларда ал өзүнүн үй-бүлөсү менен кат жазышуу жана жолугушуу аркылуу байланышта болууга укуктуу болушу керек;

d) эркинен ажыратылган ар бир бала укуктук жана башка тиешелүү жардамга токтоосуз мүмкүнчүлүк алышын, ошондой эле өзүнүн эркинен ажыратылышынын мыйзамдуулугун сот алдында же башка компетенттүү, көз карандысыз жана келишпес органдын алдында талашуу укугун жана мына u1091 ушундай ар кандай процессуалдык аракетке карата алардын токтоосуз чечим кабыл алышын талап кылуу укугун камсыз кылышат.

38-статья .

1. Катышкан мамлекеттер куралдуу чыр-чатактардын учурунда балдарга карата колдонулуучу жана балдарга тиешеси бар эл аралык гуманитардык укуктун нормаларын урматтоого милдеттенишет жана алардын сакталышын камсыз кылышат.

2. Катышкан мамлекеттер 15 жаш куракка толо элек балдардын согуш аракеттерине тикелей катышпашын камсыз кылуу үчүн бардык мүмкүн болгон чараларды көрүшөт.

3. Катышкан мамлекеттер 15 жаш куракка толо элек ар кандай адамды өзүнүн куралдуу күчтөрүндө кызмат өтөөгө чакыруудан карманышат. 15 жаш куракка толгон адамдардын ичинен, 18 жашка али толо элек адамдарды аскерге алууда катышкан мамлекеттер жашы кыйла улуу адамдарды алууга аракет кылышат.

4. Катышкан мамлекеттер куралдуу чыр-чатактардын убагында граждандык калкты коргоого байланыштуу эл аралык гуманитардык укук боюнча өз милдеттерине ылайык куралдуу чыр чатактарга аралашкан балдарды коргоону жана аларды багууну камсыз кылуу максатында бардык чараларды көрүшөт.

39-статья

Катышкан мамлекеттер этибарга албоонун, өзүүнүн же кыяналык кылуунун,кыйноонун же ар кандай башка катаал, ырайымсыз же кадыр-баркты кемсинткен мамиленин, жазанын же куралдуу чыр- чатактардын түрлөрүнүн курмандыгы болгон баланын дене боюу жана психологиялык жагынан калыбына келишине жана социалдык реинтеграцияланышына көмөк көрсөтүү үчүн бардык зарыл болгон чараларды көрүшөт. Мындай калыбына келтирүү жана реинтеграциялоо баланын ден соолугун, анын өзүн жана кадыр-баркын сыйлоону камсыз кылган шарттарда жүзөгө ашырылууга тийиш.

40-статья

1. Катышкан мамлекеттер жазык мыйзамдарын бузган катары эсептелген,аны бузгандыгы үчүн айыпталып же айыптуу деп таанылып жаткан ар бир баланын укугун таанышат, баланын кадыр-баркын жана маанилүүлүгүн өнүктүүрүгө көмөк көрсөткөн, адам укуктарына жана башкалардын негизги эркиндиктерине карата урматтоону бекемдеген кайрылууларды таанышат жана u1084 мында баланын курагы менен анын реинтеграцияланышына жана анын коомдо пайдалуу ролду аткарышына көмөк көрсөтүүнүн талапка ылайык келиши эске алынат.

2. Бул максаттарда эл аралык документтердин тиешелүү жоболорун эске алуу менен катышкан мамлекеттер, атап айтканда:

a) бир дагы бала аракет же аракетсиздикти жасап жаткан мезгилде улуттук же эл аралык укукта тыюу салынбаган аракетти же аракетсиздикти жасагандыгынын себеби боюнча жазык мыйзамдарын бузган дел эсептелбешин, айыпталбашын жана айыптуу деп таанылбашын;

b) жазык мыйзамдарын бузган деп эсептелген же аны бузгандыгы үчүн айыпталып жаткан ар бир баланын эң жок дегенде төмөндөгүдөй гарантияларын;

1) мыйзамга ылайык анын күнөөсү далилденгенге чейин айыптуу эместигинин презумпциясын;

2) ага каршы коюлган айыптоолор жөнүндө токтоосуз жана түздөн-түз маалымат берүүнү, зарыл болгондо анын ата-энеси же мыйзамдуу көзөмөлчүлөрү аркылуу өзүн коргоону жүзөгө ашыруу жана даярдоо учурунда укуктук жана башка зарыл жардам алууну;

3) мыйзамга ылайык адвокаттын же башка тиешелүү адамдын катышуусу менен акыйкат угуунун жүрүшүндө, эгерде бул баланын жогорку таламдарына карама-каршы келбейт деп эсептелсе, атап айтканда анын курагын же анын ата-энесинин же мыйзамдуу көзөмөлчүлөрүнүн абалын, курагын же анын ата-энесинин же мыйзамдуу көзөмөлчүлөрүнүн абалын эске алуу менен каралып жаткан маселе боюнча компетенттүү, көз карандысыз жана келишпес орган тарабынан кечиктирилгис чечим кабыл алууну;

4) күбө катары көрсөтмө берүүгө же күнөөсүн мойнуна алууга мажбурлоодон эркин болууну; айып коюучу күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн өз алдынча, же болбосо башка адамдардын жардамы менен иликтөөну жана актоочу күбөлөрдүн бирдей катышуусун камсыз кылууну жана алардын көрсөтмөлөрүн иликтөөнү;

5) эгерде бала жазык мыйзамдарын бузду деп эсептелсе, ушуга байланыштуу кабыл алынган тиешелүү чечимди жана ар кандай чараны жогору турган компетентүү, көз карандысыз жана келишпес орган же сот органы тарабынан мыйзамга ылайык кароону;

6) эгерде бала u1082 колдонулган тилди түшүнбөсө же ошол тилде сүйлөбөсө тилмечтин акысыз жардамын;

7) териштирүүнүн бардык стадияларында анын жеке турмушун толук урматтоону камсыз кылышат.

3. Катышкан мамлекеттер жазык мыйзамдарын бузган деп эсептелген, аны бузгандыгы үчүн айыпталган же айыптуу деп таанылган балдарга түздөн-түз тиешеси бар мыйзамдарды, жол-жоболорду, органдарды жана мекемелерди, атап айтканда;

a) балдардын жазык мыйзамдарын бузууга жөндөмсүз деп эсептелген эң төмөнкү курагын белгилөөнү;

b) зарыл жана керек болгондо мындай балдар менен адам укуктарын толук сактоо жана укуктук гарантияларды сактоо шартында соттук териштирүүнү пайдаланбастан мамиле жасоо боюнча чараларды көрүүнү белгилөөгө көмөк көрсөтүүгө аракеттенет.

4. Баланын жыргалчылыгына, ошондой эле анын абалына жана кылмышынын мүнөзүнө ылайык келген мамилени камсыз кылуу максатында аны мекемелерде багууну алмаштырган багуу, камкордук кылуу жана көзөмөлдүк кылуу жөнүндө жобо, консультативдик кызмат көрсөтүүлөр, сыноо мөөнөтүн белгилөө, тарбиялоо, окутуунун жана кесиптик даярдоонун программасы жана багуунун башка түрлөрү сыяктуу ар кандай иш чаралардын болушу зарыл.

41-статья

Көпчүлүк даражада баланын укуктарын жүзөгө ашырууга көмөк көрсөткөн жана төмөндөгүлөрдө камтылган:

а) катышкан мамлекеттин мыйзамында;

b) аталган мамлекетке карата колдонулуучу эл аралык укуктун нормаларында камтылышы мүмкүн болгон ар кандай жоболорго ушул Конвенциянын эч тиешеси болбойт.

42-статья

Катышкан мамлекеттер тиешелүү жана таасирдүү каражаттарды пайдалануу менен чоңдорго да, балдарга да Конвенциянын принциптери жана жоболору жөнүндө кеңири маалымдоого милдеттенишет.

43-статья

1. Ушул Конвенцияга ылайык кабыл алынган милдеттенмелердин катышкан мамлекеттер тарабынан аткарылышына жетишүүнүн прогрессин камсыз кылуу максатында Баланын укуктары боюнча комитет түзүлүп, ал төмөндө каралган милдеттерди аткарат.

2. Комитет жогорку адеп-ахлактык сапаттарга ээ болгон жана ушул Конвенцияда камтылган жактарда компетенттүү деп таанылган он эксперттен турат.

Комитеттин мүчөлөрү катышкан мамлекеттер тарабынан алардын граждандарынын ичинен шайланат жана жеке сапаттары менен айырмаланышат, анын үстүнө географиялык жактан акыйкат бөлүштүрүүгө, ошондой эле башкы укуктук системаларга көңүл бурулат.

3. Комитеттин мүчөлөрү катышкан мамлекеттер көрсөткөн адамдардын тизмесине киргизилгендердин ичинен жашыруун добуш берүү аркылуу шайланат. Катышкан ар бир мамлекет өз граждандарынын ичинен бир адамды көрсөтө алат.

4. Комитетке алгачкы шайлоолор ушул Конвенция күчүнө кирген күндөн тартып алты айдан кечиктирилбестен, ал эми кийин эки жылда бир жолу өткөрүлөт. Ар бир шайлоого эң жок дегенде төрт ай калганда Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы катышкан мамлекеттерге өз кандидатураларын эки айдын ичинде көрсөтүүнү сунуш кылган кат менен кайрылат. Андан кийин Башкы катчы мына ушундай жол менен көрсөтүүлгөн бардык адамдардын тизмесин бул адамдарды көрсөткөн катышкан мамлекеттерди көрсөтүү менен алфавиттик тартипте тизме түзөт жана бул тизмени ушул Конвенциянын катышуучуларына берет.

5. Шайлоо Башкы катчы тарабынан чакырылган катышкан мамлекеттердин кеңешмелеринде Бириккен Улуттар Уюмунун Борбордук мекемелеринде өткөрүлөт. Катышкан мамлекеттердин үчтөн экиси кворум түзгөн мындай кеңешмелерде Комитеттин курамына добуштардын көпчөлүгүн жана катышкан мамлекеттердин өкүлдөрүнүн добуш берүүгө катышкандарынын көпчүлүк добушун алган кандидаттар шайланды деп эсептелет.

6. Комитеттин мүчөлөрү төрт жылдык мөөнөткө шайланат. Алар өз кандидатуралары кайталап көрсөтүлгөндө кайра шайланууга укуктуу болушат. Алгачкы шайлоолордо шайлануучу беш мүчөнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү эки жылдык мезгилдин акырында аяктайт; алгачкы шайлоодон кийин токтоосуз түрдө бул беш мученун ысымдары кеңешменин председатели тарабынан жребий боюнча аныкталат.

7. Комитеттин кандайдыр бир мүчөсү өлгөндө же отставкага кеткенде же ал кандайдыр бир себеп боюнча Комитеттин мүчөсүнүн милдетин андан ары аткара албаганда, Комитеттин ошол мүчөсүн көрсөткөн катышкан мамлекет Комитет жактырган шартта калган мөөнөткө өз граждандарынын ичинен башка экспертти дайындайт.

8. Комитет өзүнүн жол-жоболорунун жекече эрежелерин белгилейт.

9. Комитет өзүнүн кызмат адамдарын эки жылдык мөөнөткө шайлайт.

10. Комитеттин сессиялары, эреже катары, Бириккен Улуттар Уюмунун Борбордук мекемелеринде же Комитет тарабынан аныкталган башка ар кандай ылайыктуу жерде өткөрүлөт. Комитет, эреже катары, өз сессияларын жыл сайын өткөрөт. Комитеттин сессияларынын узактыгы Башкы Ассамблея жактырган шартта ушул Конвенцияга катышкан мамлекеттердин кеңешмесинде аныкталат жана зарыл учурда кайра каралат.

11. Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы Комитет өзүнүн функцияларын ушул Конвенцияга ылайык натыйжалуу жүзөгө ашырыш үчүн зарыл болгон кызматкерлерди жана материалдык каражаттарды берет.

12. Ушул Конвенцияга ылайык түзулген Комитеттин мүчөлөрү Бириккен Улуттар Уюмунун каражаттарынан Башкы Ассамблея тарабынан белгиленүүчү тартипте жана шарттарда алышат.

44-статья

1. Катышкан мамлекеттер Комитетке Бириккен Улуттар уюмунун Башкы Катчысы аркылуу Конвенцияда таанылган укуктарды бекемдөө жана бул укуктарды жүзөгө ашырууда жетишилген прогресс жөнүндө докладдарды:

a) тиешелүү катышкан мамлекет үчүн Конвенция күчүнө киргенден кийин эки жылдын ичинде;

b) кийин ар бир беш жылда берип турууга милдеттенет.

2. Ушул статьяга ылайык берилүүчү докладдарда ушул Конвенция боюнча милдеттенмелерди аткаруунун даражадасына таасир тийгизген, келип чыккан факторлор жана кыйынчылыктар көрсөтүлөт. Докладда ошондой эле Конвенциянын аталган өлкөдө колдонулушунун Комитеттин толук түшүнүшүнүн камсыз кылуу үчүн жетиштүү маалымат да камтылат.

3. Комитетке ар тараптуу алгачкы доклад берген катышкан мамлекетке ушул статьянын 1-пунктуна ылайык берилүүчү кийинки докладдарында кайталап берүүнүн зарылдыгы болбойт.

4. Комитет ушул Конвенцияны жүзөгө ашырууга байланыштуу кошумча маалыматты мамлекеттен сурап u1072 алышы мүмкүн.

5. Комитеттин иши жөнүндө докладдар эки жылда бир жолу Башкы Ассамблеяга Экономикалык Социалдык Кеңештин көмөкчүлүгү астында берилип турат.

6. Катышкан мамлекеттер өз докладдарынын өздөрүнүн өлкөлөрүндө кеңири маалымдуулукка ээ болушун камсыз кылышат.

45-статья

Конвенцияны натыйжалуу жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү жана ушул Конвенцияда камтылган эл аралык кызматташтыкты кубаттоо максатында:

a) Бириккен Улуттар Уюмунун адистештирилген мекемелери, Балдар фондусу жана Бириккен Улуттар Уюмунун башкы органдары алардын ыйгарым укуктарынын чөйрөсүнө кирген маселелерди кароодо ушул Конвенциянын ушундай жоболорун жүзөгө ашыруу жөнүндө маселелерди кароодо өкүл болууга укуктуу. Комитет Бириккен Улуттар Уюмунун адистештирилген мекемелерине, Балдар фондусуна жана башка компетенттүү органдарга өзүн максатка ылайыктуу деп эсептеген кезде алардын тиешелүү ыйгарым укуктарын чөйрөсүнө кирген жактарында Конвенцияны жүзөгө ашыруу боюнча эксперттердин корутундусун бериши мүмкүн. Комитет Бириккен Улуттар Уюмунун адистештирилген мекемелерине, Балдар фондусуна жана Бириккен Улуттар Уюмунун башка органдарына алардын иш чөйрөсүнө кирген жактарда Конвенциянын жүзөгө ашырылышы жөнүндө докладдарды берүүнү сунуш кылышы мүмкүн;

b) Комитет өзү максатка ылайыктуу деп тапкан кезде Бириккен Улуттар Уюмунун адистештирилген мекемелерине, Балдар фондусуна жана башка компетенттүү органдарга катышкан мамлекеттердин техникалык консультация же жардам көрсөтүү жөнүндө өтүнүчү камтылган же ушуга муктаж экендиги көрсөтүлгөн ар кандай докладдарды, ошондой эле ушундай өтүнүчтөр же көрсөтмөлөр жаатындагы Комитеттин пикирлерин жана сунуштарын жөнөтөт;

c) Комитет өзүнүн атынан баланын укуктарына тиешелүү айрым маселелер боюнча иликтөө жүргүзүүнү Башкы катчыга сунуш киргизүүнү Башкы Ассамблеядан өтүнүшү мүмкүн;

d) Комитет ушул Конвенциянын 44 жана 45-статьяларына ылайык алынган маалыматка негизделген жалпы мүнөздөгү сунуштарды жана сунуштамаларды киргизиши мүмкүн. Мындай жалпы мүнөздөгү сунуштар жана сунуштамалар ишке тиешеси бар ар кандай катышкан мамлекетке женөтүлөт жана катышка н мамлекеттердин пикирлери болсо, алар менен кошо Башкы Ассамблеяга билдирилет.

46-статья

Ушул Конвенцияга бардык мамлекеттер кол коё алат.

47-статья

Бул Конвенция ратификацияланууга тийиш. Ратификациялык грамоталар Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына сактоого берилет.

48-статья

Ушул Конвенцияга ар кандай мамлекет кошула алат. Кошулуу жөнүндө документтер Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына сактоого берилет.

49-статья

1. Ушул Конвенция жыйырманчы ратификациялык грамота же кошулуу жөнүндө документ Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына сактоого берилгенден отуз күндөн кийин күчүнө кирет. 2. Ушул Конвенцияны ратификациялаган же ага жыйырманчы ратификациялык грамотаны же кошулуу жөнүндө документти сактоого бергенден кийин кошулган ар бир мамлекет үчүн ушул Конвенцияга мындай мамлекет тарабынан анын ратификациялык грамотасы же кошулуу жөнүндө документ сактоого берилгенден отуз күндөн кийин күчүнө кирет.

50-статья

1. Ар кандай катышкан мамлекет түзөтүү сунуш кылышы жана аны Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына бериши мүмкүн. Башкы катчы берилген түзөтүүнү алар ушул сунуштарды кароо жана алар боюнча добуш берүүнү өткөрүү максатында катышкан мамлекеттердин конференциясын чакырууга макул же макул эместигин көрсөтүшүн өтүнүү менен катышкан мамлекеттерге сунуш кылынган түзөтүүнү жиберет. Эгерде мындай билдирүү берилген күндөн тартып төрт айдын ичинде эң жок дегенде катышкан мамлекеттердин үчтөн бири макул болсо, Башкы катчы мындай конференцияны Бириккен Улуттар Уюмунун атынан чакырат. Катышкан мамлекеттердин конференцияга катышкан жана добуш берүүгө катышкан көпчүлүгү тарабынан кабыл алынган түзөтүү Башкы Ассамблеяга бекитүүгө берилет.

2. Ушул статьянын 1-пунктуна ылайык кабыл алынган түзөтүү Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан бекитилгенден кийин жана ал катышкан мамлекеттердин үчтөн экисинин көпчүлүк u1076 добушу менен кабыл алынгандан кийин күчүнө кирет.

3. Түзөтүү күчүнө киргенден кийин ал аны кабыл алган катышкан мамлекеттер үчүн милдеттүү болуп калат, ал эми башка катышкан мамлекеттер үчүн ушул Конвенциянын жоболору жана алар тарабынан кабыл алынган мурдагы ар кандай түзөтүүлөр милдеттүү бойдон калат.

51-статья

1. Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы мамлекеттер тарабынан ратификациялоо же кошулуу учурунда жасалган сунуштардын текстин алат жана бардык мамлекеттерге жиберет.

2. Ушул Конвенцияны максаттарына жана милдеттерине ылайык келбеген сунуштарга жол берилбейт.

3. Сунуштар Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына жиберилген тиешелүү билдирүү аркылуу ар кандай мезгилде алынып салынышы мүмкүн, ал бул тууралу бардык мамлекеттерге андан кийин билдирет. Мындай билдирүү Башкы катчы аны алган күндөн тартып күчүнө кирет.v

52-статья

Ар бир катышкан мамлекет ушул Конвенцияны Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына кат жүзүндө билдирүү жасоо аркылуу денонсациялай алат. Денонсация Башкы катчы билдирүүнү алгандан бир жыл өткөндөн кийин күчүнө кирет.

53-статья

Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы ушул Конвенциянын депозитарийи болуп дайындалат.

54-статья

Ушул Конвенциянын англис, араб, испан, кытай, орус жана француз тилиндеги бирдей кучке ээ болгон түп нускалары Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына сактоого берилет. Ушуларды күбөлөндүрүп, өздөрүнүн тиешелүү өкмөттөрү тарабынан белгилүү даражада ыйгарым укук берилген төмөндө кол койгон ыйгарым укуктуу өкүлдөрү ушул Конвенцияга кол коюшту. __

## Профсоюз уюмунун мүчөлөрү эмнеге милдеттүү?

**1.**Профсоюз уюмунун Уставын жана Жободо көрсөтүлгөндөрдү сактоого

**2.**Профсоюз уюмунун иштерине,чогулуштарына катышууга

3.Чогулуштун чечимдерин аткарууга

4.Профсоюз уюмунун мүчөлөрүнүн укуктарын коргоодо тилектештик көрсөтүүгө

5.Ар ай сайын мүчөлүк акыларды толоп турууга

## Профсоюз уюмунун мүчөлөрү эмнеге укуктуу?

1. Өзүнүн эмгектик жана кесиптик укуктарын коргоого

2. Профсоюз чогулуштарында эркин талкуу жүргүзүүгө,өз оюн ачык билдирүүгө

3. Шайлоого жана шайланууга

4. Профсоюз тарабынан укуктук жана материалдык жардамдарды акысыз алууга

5. Эс алуу үчүн жеңилдетилген жолдонмолорду алууга

### КР ББ мыйзамы.21статья

### Окуучунун укугу жана милдеттери

**Окуучу укуктуу:**

1. Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык билим алууга,тандоого
2. Мектептин башкаруу ишине катышууга
3. Адамдык ар- намысына сөз тийгизбөөгө
4. Жекече көз карашын ачык айтууга

**Окуучу милдеттүү:**

1. Мектептин ички тартип эрежелерин сактоого

2. Улуттук каада-салтын сыйлоого
3. Өз мектебинин абийири,ар-намысы үчүн күрөшүүгө
4. Мугалимдерди,жоро-жолдошторун сыйлоого
5. Мектеп мүлкүнө жоопкерчилик мене мамиле кылууга
6. Мектепке келтирилген зыяны үчүн КРнын Мыйзамына ылайык жоопкерчилик тартууга

# МУГАЛИМДИН СТАТУСУ ЖӨНҮНДӨ» КР МЫЙЗАМЫНЫН ДОЛБООРУ

**Урматтуу кесиптештер!**

«Мугалимдин статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоору 2021-жылдын 7-сентябрынан тартып коомдук талкууга коюлат. Областтык, райондук, шаардык кесиптик бирлик комитеттери аталган мыйзамдын 7-беренесине киргизиле турган өзгөртүүлөр боюнча өзүңөрдүн сунушуңарды Борбордук комитеттин электрондук дарегине жибериңиздер.

***Долбоор***

«Мугалимдин статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

1-берене

«Мугалимдин статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жарчысы, 2000-ж., N11, 638-ст.)

төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

7-берене төмөнкүдөй он жетинчи жана он сегизинчи бөлүктөр менен толукталсын:

Жалпы билим берүү уюмдарында республикалык, эл аралык предметтик олимпиадаларда жеңишке жетишкен окуучуну даярдаган мугалимге үч айлык оклад сыйлык катары берилет.

Жалпы билим берүү уюмдарында он жылдан кем эмес иштеген мугалимге бир жолу төлөнүүчү 10 000 эсептик көрсөткүч сый акы берилет.

Сый акы берүүнүн тартиби Министрлер Кабинетинин чечими менен аныкталат.

2-берене

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети өзүнүн чечимдерин алты айлык мөөнөттө ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**

**Президенти**

**«Кыргыз Республикасынын «Мугалимдердин статусу жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу»**
**Кыргыз Республикасынын мыйзам долбооруна**
**МААЛЫМКАТ-НЕГИЗДЕМЕ**

**1. Долбоордун максаты жана милдеттери**

Ушул Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунун максаты Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү мекемелеринде иштеген мугалимдердин ишмердүүлүктөрүнө шыктандыруу жана социалдык-финансылык жактан колдоо болуп саналат.

**2. Баяндоочу бөлүк**

Билим берүү сапатын жакшыртуу компетенттүү, билимдүү мугалимдерден көз каранды. Ошондой эле билим берүүдөгү ийгиликтин негизги фактору – мугалимдин сапатында жатат. Мамлекет структураны, баалоо системасын, кайталанма талаптарды, сынактарды деги эле системаны канчалык өзгөртпөсүн, билим берүүнүн сапаты мыкты мугалимдер болмоюнча оңолбойт. Өлкөдө 2262 мектепте 1222661 окуучу билим алып, 83633 мугалим эмгектенет. Бүгүнкү күндө мугалимдерге окуучуларга билим, тарбия берүү жоопкерчиликтери жүктөлгөн жана ушул жараянды ишке ашырууну камсыздашат.

Сунушталып жаткан долбоор аркылуу “Мугалимдин статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү демилгеленип жатат. 7-берене төмөнкүдөй 17-бөлүк менен толуктоо сунушталат:

**Жалпы билим берүү уюмдарында республикалык, эл аралык предметтик олимпиадаларда жеңишке жетишкен окуучуну даярдаган мугалимге үч айлык оклад сыйлык катары берилет.**

Мугалимдин ар бир окуучу менен иштөөдө өзүндө окутууга болгон ишеними бийик болуп, окуучуларга да ишеним дем күч бере алышы керек.  Окуучунун өзүн таанып билүүсүнө, адам катары өсүшүнө, эркин, сынчыл ой жүгүртүүсүнө жана эң жакшы тараптарын, таланттарын ачып берүү мугалимге байланыштуу. Алардын түйшүктүү ишмердүүлүктөрү билимдүү коомдун, улуттун келечегинин пайдубалынын негизи.

Мугалимдердин ишмердүүлүгүнө жоопкерчилик менен мамиле кылууга шыктандыруу максатында предметтик олимпиадаларда ийгиликтерге жетишкен окуучулардын мугалимдерине акчалай колдоо демилгеленет. Англияда жайгашкан Varkey фонду 2013-жылдан бери мугалимдердин глобалдык статусуна изилдөө жүргүзүп келет. Аталган фонддун изилдөөсүнө ылайык мугалимдин статусунун жогорулашы түздөн-түз окуучунун билим алуусуна таасир этерин белгилешкен. Ушул эле изилдөөдө мугалимдердин ишмердигин жакшыртуучу же мотивациясын арттыруунун жолдору катары татыктуу айлык, мугалимдердин мыкты иштерин сыйлоо сыяктуу сунуштар көрсөтүлгөн. Ошондуктан алардын педагогикалык ишмердүүлүктөрүн баалоо жана акчалай жактан колдой алсак билим сапатын жакшыртууга болот. Окуучуларды райондук, облустук же дүйнөлүк деңгээлде предметтик олимпиадаларга даярдоого өзгөчө көңүл бурулат. Акыл эмгекти талап кылган мээнетти жана убакытты алат. Билим берүү тармагындагы сынактар окуучулардын окууга кызыгууларын, жактырган кесиптерин берилүү менен терең изилдеп үйрөнүшөт. Мугалимдердин да өздөрүнүн үстүнөн иштөөлөрүнө туура келет. Ал эми алардын жаңы чакырыктарга ачык болууларына, изилдөөлөрүнө мамлекет тарабынан колдоо жана түрткү берүү зарыл.

“Мугалимдин статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 7-беренесине төмөнкүдөй 18-бөлүк менен толуктоо сунушталат:

**Жалпы билим берүү уюмдарында он жылдан кем эмес иштеген мугалимге бир жолу төлөнүүчү 10 000 эсептик көрсөткүч сый акы берилет.**

Мугалимдер үчүн мамлекет тарабынан жеңилдиктер каралган эмес. Алсак, бардык жарандар төлөөчү киреше салыгы күч түзүмдөрүнүн кызматкерлеринен алынып салынган сыяктуу мугалимдерге жеңилдиктер жок. Буга кошумча мугалимдердин сациалдык-тиричилигин түзүү жана финансылык-материалдык колдоо көрсөтүүгө багытталган мамлекеттик программалар жок. Өлкөдөгү кылмыштуулуктардын жана терс көрүнүштөрдөн алдын алууда мугалимдердин эмгеги чоң. Оору менен күрөшүүгө караганда, анын белгилери менен күрөшүү оңой жана алда канча жеңил болот. Ошол сыяктуу мугалимдер окуткан окуучулар мектептен терең билим, татыктуу тарбия алып чыгышса терс көрүнүштөр жоюлат. Жалпы билим берүү уюмдарында окуу сапатын жакшыртууга болот. Ошондуктан бул кесиптин аброюн көтөрүп, кадырлоо учурдун талабы жана жалпы билим берүү мектебинде сапатты жакшыртууну ишке ашыруу зарыл.

Кыргызстанда мугалимдердин орточо айлыгы социалдык төлөмдөрдү, киреше салыктарын кошпогондо 13843 сомду түзөт. Өлкөдөгү орточо айлыкты 16224 сомду эске алганда мугалимдин айлыгы орточо айлыктан да төмөн. Бул каражат менен мугалимдер өз турак жайларын алууга мүмкүн эмес жана көптөгөн билимдүү жаш мугалимдер кесибин алмаштырууга мажбур болуп келет. Сунушталып жаткан мыйзам долбоорун кабыл алуу менен мугалимдердин турак-жайга болгон муктаждыктарын чечүүгө жардам берет.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Кыргыз Республикасынын ушул Мыйзам долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

Ошол эле учурда, мыйзам долбоорун кабыл алуу республиканын жалпы билим берүү мектептеринин ишинин натыйжалуулугун жана көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын сапатын жогорулатууга мүмкүндүк берет, ошого жараша Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагына жана окуучулардын билим сапатына оң таасирин тийгизет.

Мындан тышкары, окуучуларды предметтик олимпиадаларга даярдоодо мугалимдерде шыктануу пайда болот.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

“Ченемдик укуктук актылар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык мыйзам долбоор Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сайтына коомдук талкуу процедурасын өткөрүү үчүн жайгаштырылды.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү**

Мыйзамдарды анализдөөнүн жыйынтыгында берилген долбоор колдонуудагы мыйзамдардын, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине карама-каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын ушул Мыйзам долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен финансылык сарптоолорго алып келет. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети кошумча каржылоо булактарын табууга тийиш.

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Берилген долбоор жөнгө салуучулук таасирине талдоо жүргүзүүнү талап кылбайт, анткени ишкердикти жөнгө салууга багытталган эмес, себеби ишкердикти жөнгө салууга багытталган эмес.

Жогоруда айтылгандардын негизинде ушул Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилет.

**Кыргыз Республикасынын**

**Жогорку Кеңешинин депутаттары**

**«Мугалимдин статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна**
**САЛЫШТЫРУУ ТАБЛИЦАСЫ**

| № п/п | Колдонуудагы редакция | Сунушталган редакция |
|---|---|---|
| 1 | **7-статья. Материалдык жактан камсыз болуу укугу**<br><br>Мугалимдин кызмат акысынын өлчөмү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте белгиленет.<br><br>Мугалимдин кызмат акысы финансы жылына (12 ай) эсептелет.<br><br>Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттин эсебинен ар бир категориянын чегинде мугалимдердин кызмат акысына кошумчаларды белгилеши мүмкүн.<br><br>Мектепке чейинки билим берүү, жалпы билим берүү, мектептен тышкары билим берүү, атайын билим берүү уюмдары, балдарга жана өспүрүмдөргө кошумча билим берүү уюмдары камкорчулук кеңеши менен макулдашуу боюнча жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өздүк, демөөрчүлүк каражаттардан педагог кызматкерлердин кошумча жана кошуп төлөөнү өз алдынча белгилей алат.<br><br>(Бешинчи бөлүк КР 2011-жылдын 8-августундагы № 150 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)<br><br>Мугалимдин стандарттык ченемден (ставкадан) ашкан окуу- | **7-статья. Материалдык жактан камсыз болуу укугу**<br><br>Мугалимдин кызмат акысынын өлчөмү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте белгиленет.<br><br>Мугалимдин кызмат акысы финансы жылына (12 ай) эсептелет.<br><br>Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттин эсебинен ар бир категориянын чегинде мугалимдердин кызмат акысына кошумчаларды белгилеши мүмкүн.<br><br>Мектепке чейинки билим берүү, жалпы билим берүү, мектептен тышкары билим берүү, атайын билим берүү уюмдары, балдарга жана өспүрүмдөргө кошумча билим берүү уюмдары камкорчулук кеңеши менен макулдашуу боюнча жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өздүк, демөөрчүлүк каражаттардан педагог кызматкерлердин кошумча жана кошуп төлөөнү өз алдынча белгилей алат.<br><br>(Бешинчи бөлүк КР 2011-жылдын 8-августундагы № 150 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)<br><br>Мугалимдин стандарттык ченемден (ставкадан) ашкан окуу-тарбия ишине акы төлөнөт.<br><br>(Жетинчи бөлүк КР 2011-жылдын 8-августундагы № |

| | | |
|---|---|---|
| | тарбия ишине акы төлөнөт.<br><br>(Жетинчи бөлүк КР 2011-жылдын 8-августундагы № 150 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)<br><br>(Сегизинчи бөлүк КР 2011-жылдын 8-августундагы № 150 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)<br><br>(Тогузунчу бөлүк КР 2011-жылдын 8-августундагы № 150 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)<br><br>Мамлекет мектептердин мугалимдерине жана жетекчилерине республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден айлык акыны жыл ичинде толук көлөмдө өз убагында төлөп берүүнү камсыз кылат.<br><br>Мугалимдердин айлык акысы өз убагында төлөнбөгөн учурда, аны төлөп берүү "Эмгек акыны, пенсияларды, пособиелерди жана башка социалдык төлөөлөрдү өз убагында берүүнү камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык индексациялоо менен жүргүзүлөт.<br><br>Бийик тоолуу жана алыскы айылдык райондордо иштеген мугалимдерге Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте жеңилдиктер жана айлык акысына кошумча төлөөлөр каралат.<br><br>Турак жай аянты менен камсыз кылынбагандарга же турак жай шарттарын жакшыртууга муктаж болгондорго жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан турак жай куруу үчүн жер участоктору берилет. | 150 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)<br><br>(Сегизинчи бөлүк КР 2011-жылдын 8-августундагы № 150 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)<br><br>(Тогузунчу бөлүк КР 2011-жылдын 8-августундагы № 150 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)<br><br>Мамлекет мектептердин мугалимдерине жана жетекчилерине республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден айлык акыны жыл ичинде толук көлөмдө өз убагында төлөп берүүнү камсыз кылат.<br><br>Мугалимдердин айлык акысы өз убагында төлөнбөгөн учурда, аны төлөп берүү "Эмгек акыны, пенсияларды, пособиелерди жана башка социалдык төлөөлөрдү өз убагында берүүнү камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык индексациялоо менен жүргүзүлөт.<br><br>Бийик тоолуу жана алыскы айылдык райондордо иштеген мугалимдерге Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте жеңилдиктер жана айлык акысына кошумча төлөөлөр каралат.<br><br>Турак жай аянты менен камсыз кылынбагандарга же турак жай шарттарын жакшыртууга муктаж болгондорго жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан турак жай куруу үчүн жер участоктору берилет.<br><br>Мектепке чейинки билим берүү, жалпы билим берүү, мектептен тышкары билим берүү, атайын билим берүү уюмдарында, балдарга жана өспүрүмдөргө кошумча билим берүү уюмдарында иштеген илимдин кандидаты же доктору окумуштуулук даражасы бар мугалимдерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык |

| | | |
|---|---|---|
| | Мектепке чейинки билим берүү, жалпы билим берүү, мектептен тышкары билим берүү, атайын билим берүү уюмдарында, балдарга жана өспүрүмдөргө кошумча билим берүү уюмдарында иштеген илимдин кандидаты же докторунун окумуштуулук даражасы бар мугалимдерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кошумча акы белгиленет.<br><br>Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган мугалимдин айлыгынан кармап калууларга тыюу салынат.<br><br>Мектепке чейинки билим берүү, жалпы билим берүү, мектептен тышкары билим берүү, атайын билим берүү уюмдары, балдарга жана өспүрүмдөргө кошумча билим берүү уюмдары окуучулардын тандоосу боюнча факультативдик сабактарды, курстарды өткөрүүгө, ийримдерди, клубдарды, илимий студияларды, спорттук жана башка бирикмелерди уюштурууга, лекцияларга акы төлөп берүүгө каражат бөлүүгө укуктуу. | кошумча акы белгиленет.<br><br>Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган мугалимдин айлыгынан кармап калууларга тыюу салынат.<br><br>Мектепке чейинки билим берүү, жалпы билим берүү, мектептен тышкары билим берүү, атайын билим берүү уюмдары, балдарга жана өспүрүмдөргө кошумча билим берүү уюмдары окуучулардын тандоосу боюнча факультативдик сабактарды, курстарды өткөрүүгө, ийримдерди, клубдарды, илимий студияларды, спорттук жана башка бирикмелерди уюштурууга, лекцияларга акы төлөп берүүгө каражат бөлүүгө укуктуу.<br><br>**Жалпы билим берүү уюмдарында республикалык, эл аралык предметтик олимпиадаларда жеңишке жетишкен окуучуну даярдаган мугалимге үч айлык оклад сыйлык катары берилет.**<br><br>**Жалпы билим берүү уюмдарында он жылдан кем эмес иштеген мугалимге бир жолу төлөнүүчү 10 000 эсептик көрсөткүч сый акы берилет.** |